# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | НОЯБРЬ 2020 | № 11 (109) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

### Көңүл чордонунда

Муниципалдык кызматчылардын кесипкөй квалификациясын жогорулатуунун жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын потенциалын күчөтүүнүн болочок системасынын көрүнүшү ..........2

“Муниципалитет” журналы менен бириктирилген ЖӨБдүн Мыкты тажрыйбасынын порталы ..........5

ЖӨБдүн мыкты тажрыйбасына конкурс ..........8

### ЖӨБдүн кызмат көрсөтүүлөрү

Жаңы-Жол АА: Көчөнү жарыктандыруу боюнча кызмат көрсөтүүнү аутсорсингге өткөрүп берүү менен калкка сапаттуу жана эффективдүү кызмат көрсөтүү үчүн шарттар түзүлдү ..........11

Жеке сектор ЖӨБ деңгээлинде кызмат көрсөтө алат жана муну жасашы керек ..........12

### COVID-19

Кыргызстандын айылдарынын жана шаарларынын көчөлөрүндө COVID-19 менен күрөштөгү каармандар ..........16

Көк-Жар АА COVID-19га каршы: биз авралдык шарттарда, бирок терең ойлонуп, тең салмактап иштегенди үйрөндүк ..........18

Чоң-Алай АА COVID-19га каршы: жарандардан Ош үчүн картошка жана ооруканалар үчүн кычкылтек концентраторлору, ал эми АӨдөн коргонуу жана алдын алуу иштери ..........20

ЖӨБ Союзу COVID-19дун жайылышына байланыштуу жарандардын жана ЖӨБ органдарынын суроолоруна жооп берет ..........23

### ЖДКЖ жана ЭҮЖӨБОЖ долбоорлорунун жаңылыктары

Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы элеттик муниципалитеттер жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн алкагында кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурууга жана ишке ашырууга жеке секторду тартуунун ыкмаларын үйрөнүп жатышат ..........25

Талас жана Баткен облустарынын ЖӨБ органдары Жарандык бюджетти онлайн даярдаганды аралыктан үйрөнүштү ..........26

Аялдар жана жаштар үчүн жергиликтүү кеңештин болочок депутатынын мектебине өтүнмөлөр кабыл алынууда ..........27

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Нургүл Жаманкулова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адил Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге деректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.
**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек шаары, Шевченко көчөсү, №114, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
NDobretsova@dpi.kg


**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31, 32, 33, 34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун адистери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# Муниципалдык кызматчылардын кесипкөй квалификациясын жогорулатуунун жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын потенциалын күчөтүүнүн келечектеги системасынын көрүнүшү




***Муниципалдык кызматчылар жана жергиликтүү кеңештин депутаттары улам өзгөрүп жаткан реалдуулукка даяр болуп, жергиликтүү жамааттардын жашоосу алардын алдына күн сайын коюп жаткан жаңы тапшырмаларды ийгиликтүү аткаруу үчүн дайыма өз квалификациясын жогорулатып, жаңы билим алып турушу керек. Кыргызстанда муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуунун туруктуу мамлекеттик системасы бар. Бул системаны Мамлекеттик кадр кызматы түзүп, ошонун аракети менен иштеп жатат. Бирок мамлекеттик система ЖӨБ органдарынын жаңы билимге жана көндүмдөргө болгон бардык муктаждыктарын канааттандыра албайт жана муну кылбашы да керек. Бул жерде адистердин өз билимин өзү өркүндөтүү көндүмү, алардын өз ишинин сапатын жогорулатуу максаты, ошондой эле өлкөнүн башка муниципалитеттеринде жана дүйнөдө түптөлүп калган башкаруунун жакшы практикасы тууралуу маалыматка жеткиликтүүлүгү да чоң ролду ойнойт. Мындан улам квалификацияны жогорулатуунун мамлекеттик системасы жаңы элементтер менен толукталууга тийиш. Бул элементтер – ресурс жана тажрыйба алмашуу механизми, практикалык маалымат. Ушундай боштук бар болгонун баамдоо менен, ЭҮЖӨБОЖ Долбоору Квалификацияны жогорулатуунун болочок системасынын көрүнүшүн иштеп чыкты. Аны менен 2020-жылдын 5-ноябрында Долбоордун өнөктөштөрү, анын ичинде КР Мамлекеттик кадр кызматы, КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик, КР Финансы министрлиги, КР ЖӨБ Союзу жана башкалар таанышып чыгышты. Сунуштар абдан жакшы кабыл алынды. Анткен менен талкуунун жүрүшүндө катышуучулар бул сунуштарды ишке ашыруунун алдында катуу ойлонуп, чоо-жайын терең иликтеп чыгуу керектигин белгилешти. Төмөндө Муниципалдык кызматчылардын жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын квалификациясын жогорулатуу жана потенциалын күчөтүү системасынын келечектеги көрүнүшүнүн кыскача сүрөттөлүшү берилди.***

## Квалификацияны жогорулатуунун заказчылары (бенефициарлары)

- **Мамлекет (КР Өкмөтү):** ал муниципалдык кызматчылар жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары жергиликтүү маанидеги маселелерди, аларга КР Өкмөтү өткөрүп берген ыйгарым укуктарды колдонуп чечүү маселелерди компетенттүү башкарууга жөндөмдүү боло тургандай шарттарды түзүп берүүгө милдеттүү.
- **ЖӨБ органдары:** булар муниципалдык кызматчылардын жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын жергиликтүү маанидеги маселелердин, аларга КР Өкмөтү өткөрүп берген ыйгарым укуктарды колдонуп чечүү маселелердин алкагында калктын муктаждыктарын канааттандыруу боюнча иш-аракеттери акылга сыярлык, өз убагында болуп, элди канааттандыра тургандай жыйынтыкка жеткирилишине муктаж.
- **Муниципалдык кызматчылар:** булар өзүнүн функционалдык милдеттерин талаптагыдай аткарууга, кесипкөй болууга, карьералык өсүшкө жана маянасынын көтөрүлүшүнө муктаж.
- **Жергиликтүү кеңештердин депутаттары:** булар жергиликтүү маанидеги маселелер, аларга өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды колдонуп чечүү маселелер боюнча натыйжалуу жана акылга сыярлык мыйзамдарды кабыл алууга милдеттүү (жергиликтүү кеңешке бул үчүн жетиштүү билимге ээ болгон депутаттар дайыма эле шайлана бербейт).
- **Жарандар:** ЖӨБгө катышууну жана ЖӨБ органдары менен эффективдүү диалог түзүүнү каалаган жергиликтүү активисттер.

## Келечектеги көрүнүш

Квалификацияны жогорулатуунун идеалдуу системасы муниципалдык кызматчыларга жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарына жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн да, өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн да зарыл болгон билимди, практикалык көндүмдөрдү өз убагында жана толук көлөмдө алууга жол ачат. Муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу системасы аралаш болуп эсептелинет. Мында КР Өкмөтү (мамлекеттик да, муниципалдык да кызматтарга тиешелүү негизги жалпы компетенциялар боюнча, мамлекеттик маанидеги маселелерге байланышкан компетенциялар боюнча – системанын “тик” бөлүгү) жана ЖӨБ органдары (жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө карата – системанын “түз” бөлүгү) окутуунун заказчысы катары чыгат.

Мамлекеттик кадр кызматы (МКК) системанын “тик” бөлүгүнүн лидери болуп саналат жана негизги жалпы компетенциялар боюнча потенциалды өнүктүрүүнү уюштуруу үчүн жооп берет. Ал эми министрликтер жана ведомстволор мамлекеттик маанидеги маселелерге байланышкан, конкреттүү тармактарга караган компетенциялар жаатында “тик” системанын бөлүгүн баштап барышат (мисалы, Өзгөчө кырдаалдар министрлиги ЖӨБ үчүн кооптуу мезгилдерде көрүлүшү керек болгон атайын чараларга арналган окууларды өткөрөт; же өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюуда ЖӨБдүн катышуусун жөнгө салган мыйзамдардагы өзгөрүүлөр тууралуу маалыматтык өнөктүктү өткөрөт). КР ЖӨБ Союзу (ЖӨБ Союзу) системанын “түз” бөлүгүнүн лидери болуп саналат. Бул система өз мүчөлөрүнүн атынан, тагыраак айтканда, ЖӨБ органдарынын атынан иш жүргүзөт жана ЖӨБ органдары үчүн окууларды уюштуруу боюнча өз мандатын аткарат (КР ЖӨБ Союзунун уставына, мүчөлүк уюмдун максаттарына жана тапшырмаларына ылайык). Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностук мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик (ЖӨБЭММА) КР Өкмөтүнүн атынан системанын “тик” бөлүгүн башкарууга катышат[1].


Окуу программалары заказчылардын – өкмөттүн жана ЖӨБ органдарынын керектөөлөрүнүн негизинде иштелип чыгат. Алар республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржыланат. Окуунун жыйынтыктары боюнча анын сапатына окугандар, алардын жетекчилери баа беришет. Окуу темага тийиштүү формада, учурдагы кырдаалга жана заказчынын күндүзгү, сырттан жана онлайн түрүндө окууга болгон мүмкүнчүлүктөрүнө жараша өткөрүлөт.

Билим берүүчү кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурган мамлекеттик жана мамлекеттик эмес жеткирүүчүлөр окуунун провайдерлери болуп эсептелинет. Өкмөт каржылаган окуу кызмат көрсөтүүлөрүн атаандаштык негизде тандалып алынган провайдерлер аткарат, же министрликтер, ведомстволор өзүнүн окуу борборлору аркылуу жеткиришет. ЖӨБ органдары каржылаган окутуунун кызмат көрсөтүүлөрү 1) ЖӨБ Союзу жана ал ЖӨБЭММА менен өнөктөштүктө түзгөн ресурстар аркылуу мүчөлүк акыны төлөөнүн алкагында жеткирилет; 2) мамлекеттик сатып алуулар аркылуу атаандаштык негизде тандалып алынган провайдерлер жеткирет.

## Квалификацияны жогорулатууга болгон муктаждыктардын классификациясы

Квалификацияны жогорулатууга болгон муктаждыктын төрт түрү бар. Алар пайда болгон булагына жана каржылоосуна жараша эки топко бириктирилген – КР Өкмөтү аныктаган жана каржылаган муктаждыктардын “тик тобу”; ЖӨБ органдары өздөрү

[1] Потенциалды бекемдөө системасында ролдорду жана функцияларды ушинтип бөлүштүрүү түрдүү секторлор үчүн мүнөздүү көрүнүш. Мисалы, саламаттык сактоо секторунда Саламаттык сактоо министрлиги уюштурган, Медициналык Академия жүргүзгөн потенциалды милдеттүү түрдө жогорулатуудан, кадрларды кайра даярдоодон тышкары ар кандай кесиптик ассоциациялар атайын тренингдерди уюштуруп, өткөрүп келатышат (кардиологдор ассоциациясы жүрөк оорулары боюнча окууларды өткөрүп турат).




аныктаган жана каржылаган муктаждыктардын "түз тобу". Ушинтип бөлүштүрүү мамлекеттик маанидеги иштерди жана башкаруу маселелерин бөлүштүрүүгө шайкеш келет, алар бардык жергиликтүү жамааттар, өлкө үчүн бирдей болот. Ал эми жергиликтүү маанидеги маселелер түрдүү муниципалитеттерде ар башкача болушу мүмкүн.

**Өкмөт аныктаган жана каржылаган "тик топтор".** Бул топтун керектөөлөрү боюнча окуу бардык ЖӨБ органдары үчүн милдеттүү мүнөзгө ээ жана эки топко бөлүнөт.

**A.** Карьералык тепкичтен көтөрүлүүдө жана конкурстан өтүүдө муниципалдык кызматчыларга коюлган квалификациялык талаптарга негизделген негизги жалпы компетенциялар. Негизги жалпы компетенциялар жергиликтүү кеңештердин жаңы шайланган депутаттарынын эффективдүү иши үчүн да зарыл.

**B.** Кууш адистиктеги функцияларды аткаруу үчүн же өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн талап кылынган кууш адистиктеги компетенциялар жана көндүмдөр, ошондой эле өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууда ЖӨБ органдарынан талап кылынган ченемдик укуктук чөйрөдөгү жаңылоолор. Мисалы, мамлекеттик сатып алуулар, эпидемия шарттарында иш-аракеттер, табигый кырсыктардан коргонуу ж.б.

**ЖӨБ органдары аныктаган жана каржылаган "түз топтор".** Бул топтун муктаждыктары боюнча окуулар ЖӨБ органдарынын баарына да, муниципалитеттин өзгөчөлүктөрүнө жараша жекече да өткөрүлүп, эки топко бөлүнөт.

**C.** Жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча өз функцияларын аткарууда ЖӨБ органдарынан өзгөрүүлөрдү талап кылган ченемдик укуктук чөйрөнү жаңылоо. Бул муктаждыктар мыйзамдарга киргизилип жаткан өзгөртүүлөргө байланыштуу бардык ЖӨБ органдарында пайда болот. Мисалы, ЖӨБ органдарынын жарандар менен өз ара байланышынын жаңы нормаларын киргизүү, штаттык ырааттаманы түзүү тартибин өзгөртүү ж.б.

**D.** Башка ЖӨБ органдарынын жана башка өлкөлөрдүн ийгиликтүү тажрыйбасына негизделген жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн мыкты практикасы. Бул муктаждыктар ар бир ЖӨБ органы үчүн топтук мүнөзгө да, жекече мүнөзгө да ээ болуп, анын өзгөчөлүктөрүнө жараша болот. Ми-

салы, мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн негизинде сейил бактарды башкаруу – ушундай парктары бар ЖӨБ үчүн гана зарыл болот; канализация кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтик саясатты жакшыртуу канализация киргизилген ЖӨБ органдарына гана зарыл; түрдүү конфессиялардын өз ара байланышы. Ушул эле топто – жарандардын ЖӨБгө катышуу укугун мүмкүн болушунча жакшылап пайдалангысы келген жергиликтүү активисттер үчүн билим алууга болгон муктаждыктар.

А, С жана D түрлөрүндө окутууга болгон муктаждыктарды туруктуу иликтеп, анализдеп, жалпылаштыруу менен ЖӨБ Союзу алектенет. А жана В түрлөрү боюнча муктаждыктарды ЖӨБ Союзу мамлекеттик органдардан түшкөн заказдын негизинде же алар менен биргелешип иликтейт. ЖӨБ Союзу туруктуу негизде ЖӨБЭММА жана ӨСИ менен биргелешип түзгөн структурасы аркылуу (Мыкты практикалар порталы) билимге болгон муктаждыкты аныктап, топтоштурат, А жана В боюнча муктаждыктарды ыйгарым укуктуу органдарга өткөрүп берүү үчүн, С жана D муктаждыктары боюнча окууну өз алдынча уюштуруу үчүн аларды түрлөрү боюнча бөлүштүрөт. Ошондой эле ЖӨБ Союзу ЖӨБ органдарынан алынган пикирлердин негизинде окуунун тийиштүү формасын сунуш кылат.

**Мыкты тажрыйбалар порталы – окууга болгон “түз” муктаждыктарды канааттандыруу үчүн системанын инфраструктурасы.** Ал ЖӨБ органдарынын окууга болгон муктаждыктарын аныктоо үчүн, онлайн жана күндүзгү окууну уюштуруу үчүн, потенциалды жогорулатуу боюнча башка кызматтарды көрсөтүү үчүн ЖӨБ Союзу колдонгон механизм. ЖӨБЭММАнын башка бейөкмөт өнөктөштөр менен бирдей укукта Порталды башкарууга мыйзамдуу түрдө тартылуусун камсыз кылуу максатында ЖӨБдү өнүктүрүү борбору түзүлүп жатат.

Ошондой эле ЖӨБ Союзу жыл сайын квалификацияны жогорулатууга муктаж болгон муниципалдык кызматчылардын санын тактап, бул маалыматты Мамлекеттик кадр кызматына (МКК) берип турат. МКК ЖӨБ Союзу аныктап чыккан темалардын негизинде мамлекеттик заказды түзөт. Ар бир муниципалдык кызматчы квалификацияны жогорулатуу окуусуна эң аз дегенде үч жылда бир жолу катышып турат.

Ведомстволук (кууш адистиктеги) маселелер жана темалар, окуудан өтүп жаткан муниципалдык кызматчылардын контингенти боюнча квалификацияны жогорулатууга муктаждыктарды министрликтер жана ведомстволор аныктайт. Жергиликтүү маанидеги маселелер жана муниципалдык башкаруу практикасы боюнча квалификацияны жогорулатууга муктаждыктарды ЖӨБ Союзу жана ЖӨБ органдарынын өздөрү аныкташат.

Негизги жалпы компетенциялар боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын потенциалын күчөтүүгө муктаждыктарды МККнын буйрутмасы менен ЖӨБ Союзу аныктайт. Союз жергиликтүү шайлоодон кийин (төрт жылда бир жолу өтөт) бир жылдын ичинде негизги компетенциялар боюнча окууну уюштуруу үчүн МККнын дарегине кайрылат. Жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын потенциалын күчтөндүрүүгө болгон муктаждыктарды ЖӨБ Союзу аныктайт.

# “Муниципалитет” журналы менен бириктирилген Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун Мыкты тажрыйбалар порталы

***ЖӨБ органдарынын кадрдык потенциалын бекемдөө үчүн билим берүүчү иш-чаралар менен катар ЖӨБ органдары дагы бир нерсеге муктаж. Аларга жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мыкты практикасы боюнча туруктуу иштеген, эффективдүү маалымат булагы, анын ичинде муниципалдык башкаруунун, кызмат көрсөтүүнү, жергиликтүү жамаатты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу усулдары жана практикалары зарыл болуп турат. Бул маселелерди чечүү үчүн КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этностук мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик, КР ЖӨБ Союзу жана Өнүктүрүү саясат институту “Муниципалитет” журналы менен бириктирилген Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун Мыкты тажрыйбалар порталын түзүү тууралуу макулдашууга кол коюшту.***

2040-жылга чейин Туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы “ар бир мүчөсү аймакты өнүктүрүүгө өзү түшүнүп катышууга квалификациялык жактан жөндөмдүү болгон, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун натыйжалуу органдарын түзө алган жана аларды контролдогон жоопкерчиликтүү жергиликтүү коомчулуктарды түзүү” милдетин койду. Бул үчүн жергиликтүү жамааттарга жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун көрнөктүү жана натыйжалуу мисалдары тууралуу маалымат булагы зарыл болуп турат.

Бул маселе “ЖӨБ органдарынын кадрдык потен-

## “Муниципалитет” журналы менен бириктирилген ЖӨБдүн Мыкты тажрыйбалар порталынын колдонуучулары кандай кызмат көрсөтүүлөргө жете алышат?

| Кызмат көрсөтүү | Акысыз |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын жана башка чет элдик өлкөлөрдүн мыкты практикаларынан мисалдардын кеңири жана туруктуу жаңыланып турган топтомуна жете аласыз. | Бардык каалоочулар үчүн |
| ЖӨБдү эффективдүү башкаруунун бардык өзөктүк өңүттөрүн камтыган маалымат материалдарынын жана ченемдик укуктук актылардын өтө бай, туруктуу жаңыланып турган жыйнагына жете аласыз. | Бардык каалоочулар үчүн |
| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү суроолорду узатып, ага ыкчам жана квалификациялуу жооп алууга мүмкүнчүлүк болот. | Бардык каалоочулар үчүн |
| Жергиликтүү маселени чечүү боюнча топ ичинде жана жекече консультация алууга мүмкүнчүлүк болот. | ЖӨБ Союзуна мүчөлүк акыны төлөгөн ЖӨБ органдары үчүн. Жазылган адамдар үчүн |
| Муниципалдык башкаруунун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине байланышкан актуалдуу темалар боюнча онлайн-окуудан өтүүгө мүмкүнчүлүк болот. | ЖӨБ Союзуна мүчөлүк акыны төлөгөн ЖӨБ органдары үчүн. Жазылган адамдар үчүн |
| Муниципалдык башкаруунун өзгөчө кызыктуу маселелерине арналган, мисалы, муниципалдык кызмат көрсөтүүнү уюштуруу боюнча видео сабактарга кире аласыз. | ЖӨБ Союзуна мүчөлүк акыны төлөгөн ЖӨБ органдары үчүн. Жазылган адамдар үчүн |
| Ийгиликтүү практиктердин жамаатына кирүүгө мүмкүнчүлүк берилет. Бул болсо башка ЖӨБОдогу кесиптештер менен тикелей тажрыйба алмашууга, тажрыйбалуу кесиптештерден кеп-кеңеш алууга жол ачат. | Темага жараша болот |
| Семинарларга жана мастер-класстарга катышууга мүмкүнчүлүк болот. | Темага жараша болот |
| Конкурстарга катышып, баалуу байгелерди алууга мүмкүнчүлүк болот. | ЖӨБ Союзуна мүчөлүк акыны төлөгөн ЖӨБ органдары үчүн. Жазылган адамдар үчүн |
| Өз муниципалитетиңиздин мыкты практикасынын тажрыйбасы үчүн добуш берүүгө мүмкүнчүлүк болот. | Бардык каалоочулар үчүн |
| Мыйзамдардагы жаңылыктарды жана ЖӨБ тууралуу башка маалыматтарды бир эле жерден алсаңыз болот. | Бардык каалоочулар үчүн |
| ЖӨБ чөйрөсүндөгү гранттык жардамдар жана өнүктүрүү долбоорлору тууралуу маалыматка жеткиликтүүлүк болот. | Бардык каалоочулар үчүн |

циалын бекемдөө” аттуу 2023-жылга чейин ЖӨБдү өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планына кирген. Бул тапшырмалар ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү каралган. Иш-аракеттер планында семинарларды жана тренингдерди өткөрүү зарылчылыгы белгиленген. Бирок потенциалды жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү дегенде азыркыдан да көбүрөөк иш-аракеттерди караштырууну түшүнүш керек. Анын ичинде адам туруктуу түрдө өз алдынча билим алып, мыкты практиканы жайылтуу үчүн ресурс түзүлүшү абзел.

Базалык билим берүүдөн жана квалификацияны жогорулатуу программаларынан тышкары туруктуу иштеген, ыкчам, деталдуу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жергиликтүү жамаат үчүн жеткиликтүү ресурс болушу керек. Бул ресурс ар бир конкреттүү муниципалитетте жергиликтүү өз алдынча башкарууну иш тартибинде өркүндөтүүгө жол ачат.

Ушул тапта мыкты практиканын көптөгөн мисалдарын, усулдарын жана аспаптарын түрдүү тараптар сунуштаган кырдаал түзүлдү. Бирок булардын баары бир жерге топтолбойт, жалпылаштырылбайт жана аларга анализ жасалбайт. Мунун натыйжасында ЖӨБ органдары зарыл маалыматты издегенде кыйналышат. Мындан тышкары бул чөйрөдө бир нече маселе бар:

- квалификацияны жогорулатуу боюнча азыр иштеп жаткан система ЖӨБ органдарына мыкты практиканын туруктуу түрдө улам жаңыланып турган мисалдарын тез алып турууну камсыздоо үчүн жетишсиз болууда;
- пайдалуу маалыматтарды камтыган жана өнүктүрүү боюнча долбоорлор түзгөн веб-сайттар эрежеге ылайык бул долбоорлор иштеп турган учурда гана активдүүлүгүн көрсөтөт, андан кийин маалымат жоголуп кетет;
- форумдарда жана конференцияда берилген мисалдар жана башкаруучулук чечимдер башка ЖӨБ органдарына аларды колдонууга жол ачпайт. Себеби көп жакшы даражада деталдаштырбастан тааныштырылат, анткени талкуунун форматы ошондой;
- ачык жана объективдүү фильтрлер бар, алар башка ЖӨБ органдарында жайылтуу үчүн өзгөчө ыңгайлуу болгон башкаруунун мыкты практикасын тандап алууга жол берет;

- мыкты практика жалпылаштырылбайт, анализденбейт жана чечимдерге жана ченемдик укуктук актыларга трансформацияланбайт;
- ЖӨБ үчүн усулдук маалыматтын көптөгөн булактары муниципалдык башкаруу чөйрөсүндөгү чечимдерди жөнгө салган же сунуш кылган ведомстволук актыларды издөө ишин татаалдаштырууда.

Бул маселелерди чечүү үчүн КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этностук мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик, КР ЖӨБ Союзу жана Өнүктүрүү саясат институту "Муниципалитет" журналы менен бириктирилген Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун Мыкты практикалар порталын түзүү тууралуу макулдашууга кол коюшту.

### "Муниципалитет" журналы менен бириктирилген ЖӨБдүн Мыкты тажрыйбалар порталы ким үчүн түзүлгөн?

Портал жана журнал ЖӨБ органдарынын жетекчилери жана кызматкерлери, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү, изилдөөчүлөр, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу чөйрөсүндөгү студенттер жана мугалимдер, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы адамдарга кайдыгер карабагандар үчүн түзүлгөн.

### "Муниципалитет" журналы менен бириктирилген ЖӨБдүн Мыкты тажрыйбалар порталы эмне үчүн керек?

Портал жана журнал ЖӨБ органдарына жана башка кызыкдар адамдарга жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн ыкмалары жана усулдары тууралуу зарыл маалыматты бир булактан ыкчам жана тез табууга мүмкүнчүлүк берет. Мыкты практиканын мисалдарынан тышкары, бул жерде документтердин үлгүлөрү жана формалары, ченемдик укуктук актылардын топтому, эксперттердин дайындар базасы, жардам долбоорлору, актуалдуу суроолорго жооптор бар. Ар бир теманын ичинде мыкты практиканын мисалдары, зарыл болгон ченемдик укуктук актылар, тема боюнча актуалдуу суроолорго жооптор, кетирилген каталар жана алынган сабактар бар.

### "Муниципалитет" журналы менен бириктирилген ЖӨБдүн Мыкты тажрыйбалар порталына эмне үчүн катталышыңыз керек?

Каттоодон өткөн колдонуучулар гана Порталдын бардык бөлүмдөрүнө киргүгө, анын кызмат көрсөтүүлөрүн пайдаланууга мүмкүнчүлүк алышат. Мисалы, каттоодон өткөндөр семинарларга жазылып, өз муниципалитетинин мыкты практикасынын тажрыйбасы үчүн добуш берип, суроо узатып, консультация ала алышат.

### "Муниципалитет" журналы менен бириктирилген ЖӨБдүн Мыкты тажрыйбалар порталына кантип катталса болот?

Порталдын башкаруу панелиндеги *"Каттоо"* бөлүмүнө өтүңүз. Сөзсүз толтурулушу керек болгон бош жерлерге маалыматтарды киргизиңиз: аты-жөнүңүздү, иштеген жериңизди, ээлеген кызматыңызды, жынысыңызды, телефон номериңизди, э-почтаңыздын дарегин, өлкөнүн, облустун, райондун, ЖӨБ органынын аталышын жазыңыз. Андан соң Порталга кирүү үчүн сыр сөздү жазып, *"Каттоодон өтүү"* деген жерди басыңыз.

### "Муниципалитет" журналы менен бириктирилген ЖӨБдүн Мыкты практикалар порталына кимдер жеңилдетилген түрдө акысыз кире алышат?

Порталдын акынын негизинде көрсөтүлчү кызматтарын жана маалыматтарын төмөнкүлөр акысыз алышат:

- КР ЖӨБ Союзунун мүчөлүк акысын төлөгөндөр;
- "Муниципалитет" журналына жазылган адамдар.

### Кантип жазылса болот?

Журналга каалаган маалда ар кандай ыңгайлуу ыкма менен жазылса болот: + 996 770 77-11-30 номерине чалсаңыз болот (Гуляим Шамшидинова), электрондук кат жазыңыз: portal.msu@dpi.kg; Порталдагы *"Суроо узатыңыз"* бөлүмүндө өтүнмө калтырсаңыз болот. 24 сааттын ичинде сиз менен кардарлар базасынын администратору байланышат.

### Жазылуунун баасы канча?

2021-жылга жазылуунун баасы төмөнкүдөй:

- Порталдын бардык маалыматтарына жана кызмат көрсөтүүлөрүнө, "Муниципалитет" журналынын басылып чыккан версиясына толук жеткиликтүүлүк, анын ичинде журналды жеткирүү – 2400 сом;
- Порталдын бардык маалыматтарына жана кызмат көрсөтүүлөрүнө, "Муниципалитет" журналынын электрондук версиясына толук жеткиликтүүлүк – 600 сом.

### Эмне үчүн ЖӨБдүн Мыкты практикалар порталы "Муниципалитет" журналы менен бириктирилди?

МТ Порталы жана "Муниципалитет" журналы өз аудиториясынын ыңгайлуулугу үчүн бириктирилди. Себеби биздин аудиториябыз – ЖӨБ органдары, муниципалдык кызматчылар, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, жергиликтүү жамааттардын активисттери, студенттер, окутуучулар. МП Порталы менен "Муниципалитет" журналынын мазмуну окшош, бирок бирдей эмес.

М

ЖӨБЭММА ГАМСУМО

КР ЖӨБ Союзу
Союз МСУ КР
Union LSG KG

2009-ж. түзүлгөн
Основан в 2009 г.
Since 2009
ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

# "ЖӨБдүн МЫКТЫ ТАЖРЫЙБАСЫ" КОНКУРСУ

**Сиздин ЖӨБ органы же жамаатыңыз жашоону жакшыртууда көзгө урунгудай ийгиликке жете алдыбы?**

**Башка муниципалитеттер жана жергиликтүү жамааттар үчүн актуалдуу болгон жергиликтүү маселени чечүүнүн жолун таба алдыңызбы?**

**Өзүңүздүн ийгиликтериңиз тууралуу башка ЖӨБ органдарына жана жарандарга айтып берүүгө даярсызбы?**

**Анда бул конкурс сиз үчүн – өтүнмөнү толтуруп, 150 миң сомдук (ЖӨБ органдары үчүн) же 25 миң сомдук (жергиликтүү активисттер, эксперттер, коммерциялык эмес уюмдардын кызматкерлери, журналисттер үчүн) байгеге ээ болуңуз.**




### Конкурстун МАКСАТТАРЫ:

- жергиликтүү маселени чечүү жана жашоо шарттарын жакшыртуу боюнча ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын өзгөчө ийгиликтүү иштерин башкаларга көрсөтүү;
- ЖӨБ органдарын жана жарандарды бири-бири менен тажрыйба алмашып, жергиликтүү маселени чечүүнүн мыкты практикасын жайылтууга шыктандыруу;
- Кыргызстандагы жергиликтүү өнүктүрүү маселелерин чечүүнүн жаңы ыкмаларын жана иштөөнүн алдыңкы усулдарын жайылтууга көмөктөшүү.

### Конкурстун уюштуруучулары

КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностук мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик (ЖӨБЭММА), КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу (ЖӨБ Союзу), Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ), "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" Долбоору.

### Конкурстун катчылыгы

"Муниципалитет" журналы менен бириктирилген ЖӨБдүн Мыкты тажрыйбалар порталынын администраторлору: Гуляим ШАМШИДИНОВА жана Нургуль ЖАМАНКУЛОВА.

### Финансылык колдоо

ЖӨБ органдары үчүн байге фондун Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташуу агенттиги каржылаган, Хельветас Свисс Интеркооперейшн жана ӨСИ биргелешип аткарган "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" Долбоору; жарандар, анын ичинде эксперттер үчүн байге фондун Өнүктүрүү саясат институту; башка байгелерди ЖӨБ Союзу жана ЖӨБЭММА берүүдө.

### Конкурстун катышуучулары

- ЖӨБ органдары
- Жарандар, анын ичинде эксперттер, жарандардын демилгелүү топторунун өкүлдөрү, коммерциялык эмес уюмдар, жалпыга маалымдоо каражаттары.

| Коммуналдык кызматтар | Пландоо |
|---|---|
| • Ичүүчү суу<br>• Сугат суу<br>• Жолдор<br>• Таштандыны башкаруу<br>• Жарыктандыруу<br>• Көрктөндүрүү | • Жарандар менен чогуу пландоо<br>• Жаштар менен иштөө планы<br>• МСЗ программасы<br>• Жергиликтүү экономикалык өнүктүрүү<br>• Мейкиндикти пландоо |
| **Жергиликтүү бюджет** | **Жергиликтүү кеңеш** |
| • Ачык-айкындуулук жана жарандардын катышуусу<br>• Жардам тартуу<br>• Кирешелерди көбөйтүү<br>• Пландоо жана чыгашалар<br>• Бюджет аралык мамилелер | • Депутаттын иши жана этикасы<br>• Үлгүлүү сессия<br>• Туруктуу комиссиялар<br>• Кеңештин регламенти<br>• Депутаттарды шайлоо<br>• Мамлекеттик жана муниципалдык органдар менен кошо иш алып баруу |
| **Муниципалдык менчик** | **«Жашыл» муниципалитет** |
| • Инвентаризациялоо<br>• Объекттерди башкаруу<br>• Сатуу жана ижарага берүү<br>• Ачык-айкындуулук | • Токойду калыбына келтирүү<br>• Корук зонасы<br>• Жайыттарды сактап калуу<br>• Жашылдандыруу |
| **Маданият, бош убакытты өткөрүү, спорт** | **Мэриянын жана айыл өкмөтүнүн иши** |
| • Бош убакытты өткөрүү<br>• Балдар жана жаштар менен иш алып баруу<br>• Спорт, сергек жашоо образы<br>• Маданият жана маалымат | • Бузуулар боюнча комиссия<br>• Баалоо жана карьера<br>• Маалыматка жеткиликтүүлүк<br>• Санариптештирүү |
| **Социалдык өнүгүү** | **Жарандардын ЖӨБгө катышуусу** |
| • Мектепке чейинки билим берүү<br>• Мектептеги билим берүү<br>• Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо<br>• Калкка укуктук жардам берүү<br>• Калктын аярлуу катмарына жардам | • Жергиликтүү демилге (жергиликтүү бюджет)<br>• Чогулуштар, угуулар, жыйындар<br>• Жарандардын демилгелүү тобу<br>• Биргелешкен мониторинг жана баалоо<br>• Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо<br>• Жүрүм-турум эрежелери жана жергиликтүү жамааттын уставы |
| **Жергиликтүү экономика** | **COVID-19** |
| • Бизнести колдоо, ал үчүн шарттарды түзүп берүү<br>• Инвестициялык жагымдуулук<br>• Инклюзивдүү экономика | • Коопсуздук чаралары<br>• Аралыктан көрсөтүлчү кызматтар<br>• Социалдык колдоо жана бизнеске колдоо көрсөтүү |

## Конкурс өткөрүлчү мезгил

2020-жылдын 1-декабрынан 2021-жылдын 30-ноябрына чейин.

Мыкты практиканын үлгүсү үчүн орто аралыктагы добуш берүүнүн жыйынтыктары ай сайын чыгарылып турат.

## Конкурска катышуунун тартиби

**1-кадам.** ЖӨБдүн Мыкты тажрыйбалар (МТ) порталында (www.myktyaimak.gov.kg) катышуучу башка ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын тажрыйбалары менен таанышып, өзүнүн тажрыйбасы үчүн да теманы тандай алат. Теманы тандап жатканда төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл: ошол тажрыйба 1) кеңири жайылган көйгөйдү (түрдүү органдарда жана жергиликтүү жамааттарда көп кездешкен көйгөйлөрдү) чечүүнүн үлгүсү болууга тийиш; 2) башка ЖӨБ органдары жана жергиликтүү жамааттар ошол үлгүнү колдоно алгыдай болушу керек. Тажрыйбанын темасы МТ порталынын категорияларынын бирине шайкеш келүүгө тийиш. Ал категорияларды төмөн жактагы таблицадан көрө аласыз.

**2-кадам.** Талапкер www.myktyaimak.gov.kg дарегиндеги "Каттоо" бөлүмүндө каттоодон өтүшү керек.

**3-кадам.** Порталдын башкы бетинде талапкер мыкты практиканын формасын толтурууга тийиш. Бул үчүн "Өз тажрыйбаңды жайгаштыр" деп аталган бөлүмгө кириш керек. Сунушталган формада бардык бош жерлерди толтуруп чыгуу зарыл. Эгерде кайсы бир жерин толтура албай кыйналсаңыз, анда "Билбейм" деп жазып койсоңуз болот. Форманы толтуруп жаткан маалда суроолор же кыйынчылыктар жаралса, катышуучу Порталдын администраторлоруна кайрыла алат:

- Контент администратору Нургүл ЖАМАНКУЛОВА: +996 770 771 711;
- Кардарлар базасынын администратору Гуляим ШАМШИДИНОВА: portal.msu@dpi.kg, +996 770 771 130.

## Конкурстук комиссия

Уюштуруучулар ЖӨБЭММАнын, ЖӨБ Союзунун, ӨСИнин, "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" Долбоорунун өкүлдөрү кирген туруктуу комиссияны түзүшөт. Комиссия өз ишине көз карандысыз эксперттерди да тарта алат.

Комиссиянын курамы: ЖӨБЭММА – 1 адам; ЖӨБ Союзу – 1 адам; Өнүктүрүү саясат институту – 1 адам; "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" Долбоору – 1 адам.

## Конкурсту өткөрүү тартиби

МТ порталына катталган колдонуучулар жайгаштырган ЖӨБдүн мыкты тажрыйбаларынын мисалдары конкурстук комиссиянын мүчөлөрүнүн баштапкы баалоосунан өтөт. Комиссия бул мисалдарды критерийлер боюнча мыкты практиканын үлгүлөрү катары эсептесе болобу же жокпу деп баалап чыгат:

- Бул практика жергиликтүү көйгөйдү чечүү үчүн мисал болуп бере алабы?
- Башка ЖӨБ органдары бул практиканы колдоно алышабы?

Ушундан кийин Порталга киргизилген мисал редакцияланып, администраторлор чоо-жайын тактап алган соң Порталга жарыяланат. Андан соң бул практика добуш берүүгө коюлат – кайсы айда чыкса, ошондон кийинки айдын биринен баштап добуш берүүгө катышат. Башкача айтканда, кийинки айдын добуш берүүсүнө талапкерлер өткөн айдын 25ине чейин кабыл алынат.

Тажрыйбаны жарыялоо боюнча иштердин баары 5 жумушчу күндүн ичинде аткарылат.

Порталдын катталган колдонуучулары өз практикалары же муниципалитетинин мисалдары же башка өзүнө жаккан практикалар үчүн добуш бере алышат (1 практика үчүн 1 жолу добуш берүүгө болот).

Бир ай бою мурдагы айда жайгаштырылган практикалар үчүн добуш берүү болот. 2020-жылдын декабрында администраторлор добушка койгон практикалар үчүн добуш берүү өтөт.

Айдын соңунда добуш берүүнүн жыйынтыктары жарыяланып, жеңүүчү тандалат. Конкурстун жеңүүчүсүнө байге катары “Муниципалитет” журналы менен бириктирилген Мыкты практикалар порталына бир жылга акысыз жазылууга жана өзүнүн практикасын финалдык добуш берүүгө чыгарууга укук берилет.

2021-жылдын 1-ноябрында добуш берүүгө эң көп дегенде 20 жеңүүчү коюлат – 10 финалист ЖӨБ органдарынын ичинен тандалса, 10 финалист жарандардын, анын ичинде эксперттердин арасынан тандалып алынат. 2021-жылдын ноябрь айында финалдык добуш берүү өтөт.

Конкурстун уюштуруучулары ай сайын өткөн добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча финалисттердин санын азайтуу же көбөйтүү тууралуу чечимди кабыл алышы мүмкүн.

Конкурстук комиссия финалдык добуш берүүнүн жыйынтыгын карап чыгып, байгелүү орундарды бөлүштүрүү тууралуу чечим кабыл алышат.

## Конкурстун байгелери

**ЖӨБ органдарынын ичинен конкурстун жеңүүчүлөрү төмөнкүдөй байгелерди алышат:**

- I орун үчүн – “ЖӨБдүн алтын практикасы” медалы, ЖӨБЭММАнын грамотасы, “Муниципалитет” журналы менен бириктирилген Порталга эки жолу акысыз катталуу укугу, 150 000 сомго товардык байге;
- II орун үчүн – “ЖӨБдүн күмүш практикасы” медалы, ЖӨБЭММАнын грамотасы, “Муниципалитет” журналы менен бириктирилген Порталга эки жолу акысыз катталуу укугу, 120 000 сомго товардык байге;
- III орун үчүн – “ЖӨБдүн коло практикасы” медалы, ЖӨБЭММАнын грамотасы, “Муниципалитет” журналы менен бириктирилген Порталга эки жолу акысыз катталуу укугу, 100 000 сомго товардык байге;
- шыктандыруучу байгелердин сегиз комплектиси (“ЖӨБдүн мыкты практикасы” аттуу шыктандыруучу медаль, “Муниципалитет” журналы менен бириктирилген Порталга бир жолу акысыз катталуу укугу, ЖӨБЭММАнын ыраазычылык каты, 30 000 сомго товардык байге).

**Жарандардын ичинен, анын ичинде эксперттерди, журналисттерди, коммерциялык эмес уюмдардын кызматкерлерин кошкондо конкурстун жеңүүчүлөрү төмөнкүдөй байгелерди алышат:**

- I орун үчүн – 25 000 сом акчалай байге жана “Муниципалитет” журналы менен бириктирилген Порталга акысыз катталуу укугу;
- II орун үчүн – 15 000 сом акчалай байге жана “Муниципалитет” журналы менен бириктирилген Порталга акысыз катталуу укугу;
- III орун үчүн – 10 000 сом акчалай байге жана “Муниципалитет” журналы менен бириктирилген Порталга акысыз катталуу укугу.

ЖӨБ органдары байге каражаттарын (грантты) мисалда баяндалган ишти же тажрыйбаны улантуу үчүн, сүрөттөлгөн тажрыйбаны жакшыртуу үчүн же жарандар үчүн маанилүү болгон башка маселени, көйгөйдү чечүү үчүн колдонсо болот. Байгенин суммасына уюштуруучулар жеңүүчү деп табылган ЖӨБ органы түзүп берген тизменин негизинде товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алып, жеңүүчүгө өткөрүп беришет. Байге каражаттарын курулуш-ремонт иштерине, эмгек акыны төлөп берүүгө же иш сапарларын каржылоого колдонууга болбойт.

Уюштуруучулар конкурстун байге фондун толук колдонбой коюу укугун өзүндө калтырышты.

Конкурстун жеңүүчүлөрүнө Уюштуруучулар менен байге фондун колдонуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү укугу берилет. Уюштуруучулар товарларды жеңүүчүнүн өкүлүнүн катышуусу менен сатып алышат жана жеңүүчүнүн колдонуусуна өткөрүп беришет. Каражат иш-чараны же акцияны өткөрүүгө колдонулган учурда Долбоор байге суммасынын алкагында бардык чыгымдарды жаап берет.

Жеке жактарга – жарандарга, анын ичинде эксперттерге, журналисттерге, коммерциялык эмес уюмдардын кызматкерлерине байгелер акчалай түрүндө берилип, киреше салыгы кармалып калат.

## Кызыкчылыктар кагылышы

Конкурска Уюштуруучулардын жетекчилери жана кызматкерлери менен кандайдыр бир байланышы барлар, аларга баш ийген жеке адамдар, алардын тугандары катыша албайт.

## Катышуучуларга сунуш жана байланыш жолдору

Өтүнмөнү толтурардын алдында Порталдын администраторлору менен кеңешип алууну сунуштайбыз: Контент администратору Нургүл ЖАМАНКУЛОВА: +996 770 771 711; Кардарлар базасынын администратору Гуляим ШАМШИДИНОВА: portal.msu@dpi.kg, +996 770 771 130.

# Жаңы-Жол АА: Көчөлөрдү жарыктандыруу боюнча кызмат көрсөтүүнү аутсорсингге берүү менен калкка сапаттуу жана эффективдүү кызмат көрсөтүү үчүн шарттар түзүлдү

*Жылдызкан*
***ОСМОНОВА,***
Жаңы-Жол айыл өкмөтүнүн башчысы



Аксы районундагы Жаңы-Жол айылдык аймагы Таш-Көмүр жана Кербен шаарларын бириктирип турган жолдун боюнда, Жалал-Абад шаарынан 180 км аралыкта жайгашкан. Бул алыскы, тоолуу, дотацияда турган муниципалитет. Аймакка төрт айыл кирет. Аймактын элинин саны 7100 адамды түзөт.

Муниципалитеттеги көчөлөрдө жарык СССР тараган маалдан бери болгон эмес. Көп убакыттан бери бул маселени чечүүгө кол жетпей келген. Себеби жергиликтүү элдин жана ЖӨБ органдарынын андан да башка, маанилүү көйгөйлөрү бар эле. Мисалы, таза суу менен камсыз кылуу, мектептерди жана бала бакчаларды каржылоо өңдүү маселелер алдыңкы катарда турган. Көчөлөрдү жарыктандырууга акча дайыма эле жетпей калчу. Анын үстүнө ЖӨБ органдары жалпы колдонгон жерлерди жарыктандырууга чыгымдарды жергиликтүү бюджетке киргизүүгө деле умтулчу эмес. Бирок 2018-жылы тургундар мындан ары көчөлөр караңгы болбош керектигин билдиришти. Себеби бул көчөлөрдүн боюнда мектептер, ооруканалар, соода түйүндөрү, майда ишканалар, спорт залдар, милициянын аймактык бөлүмдөрү, мечиттер жайгашкан. Ошондуктан ЖӨБ органы ЖДККЖ Долбоорунун колдоосу менен Көчөлөрдү жарыктандыруу боюнча кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча иш-аракеттер планын даярдап, аны ийгиликтүү ишке ашырып алышты. Натыйжада Жаңы-Жол жана Таштак айылдарынын борбордук көчөлөрүнө узундугу 5 км болгон жарык берчү линиялар тартылып келди.

Жарык жеткирүү боюнча иштердин, линияларды тартып келүү, устундарды жана чырактарды орнотуу өңдүү инфраструктуралык тапшырмаларды аткаруунун биринчи этабы жыйынтыкталгандан кийин айыл өкмөтү үчүн чукул арада чечилиши керек болгон маселе жаралды: жарык берүү системасы буга чейин болуп келгендей эле тейленбей, иштебей калган көрүнүштү болтурбоо үчүн аны ким жана кантип тейлейт? Кызмат көрсөтүүнү башкаруунун сабаттуу, эффективдүү жана туруктуу системасын түзүү абдан маанилүү маселеге айланды.

Көлөмү жана бюджети жагынан чакан кызмат көрсөтүүнү уюштуруу үчүн көпчүлүк айылдарда аткаруучу-юридикалык жакты табуу кыйын. Бул маселени чечүү үчүн кызмат көрсөтүүнү жеке жакка аутсорсингге берүү тууралуу чечим кабыл алынды. Көчөлөрдү жарыктандыруу системасын айыл өкмөтүнүн күчү менен тейлеген учурда электр адисин жалдоо, атайын жабдууну сатып алуу керек эле. Бул болсо акыр соңунда жергиликтүү бюджетти бир кыйла чыгашага кептемек. Ошол себептен аутсорсингге берүү тууралуу жүйөлүү чечим кабыл алынды.

Биринчи жылы Жаңы-Жол жана Таштак айылдарындагы борбордук көчөлөрдө жайгашкан 5 км электр тарамдарын тейлөө боюнча 50 000 сомго муниципалдык заказды жайгаштыруу боюнча долбоор даярдалды. Муниципалдык заказдын суммасын бекитүү үчүн тийиштүү сунуш жергиликтүү кеңештин жыйынында каралды. 2019-жылдын 26-январында жергиликтүү кеңеш №17/4 токтому менен бул сумманы бекитип берди. Мамлекеттик сатып алуулар порталы аркылуу тендер өткөрүлүп, аны 45 500 сом сунуш кылган жеке ишкер утуп алды. Тендердин жеңүүчүсү менен кызмат көрсөтүү тууралуу келишим 2019-жылдын 11-ноябрында түзүлүп, электр тарамдарын тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүнү уюштуруу аутсорсингге өткөрүлүп берилди.

Аутсорсингдин жардамы менен биз сапаттуу жана эффективдүү кызмат көрсөтүүнү уюштура алдык. Ошол эле маалда буга чейин олуттуу каржылоону талап кылган тапшырмаларды аткарууга чакан бюджеттик каражат сарпталды. Ошондой эле буга чейин бекитилген жумушчу пландын негизинде бул кызмат көрсөтүүгө мониторинг жана баалоо жүргүзүлүп турат, анын жыйынтыгында зарыл болгон сунуштар берилген. Натыйжада биз кызмат көрсөтүүнү туруктуу кыла алдык.

Көчөлөрдү жарыктандыруу боюнча кызмат көрсөтүү уюштурулган учурдан бери айылдарда оң маанайдагы өзгөрүүлөр байкала баштады. Биз жергиликтүү тургундардын суроо-талаптарын канааттандыра алдык. Ошондой эле айылдагы коомдук тартиптин сакталышын жакшырттык, чакан жана орто бизнес өнүгүүдө, муну менен кошо жергиликтүү элдин жашоо сапаты да оңоло баштады. M

# Жеке сектор жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде кызмат көрсөтө алат жана муну жасашы керек

*Асылбек ЧЕКИРОВ, ЖДККЖ Долбоорунун консультанты*

Кыргыз Республикасынын ЖӨБ органдарынын иши жергиликтүү өз алдынча башкаруулар тууралуу мыйзамдарда бекитилген жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган. Жергиликтүү маанидеги айрым маселелерди чечүүнүн жыйынтыгы болуп кызмат көрсөтүүлөр эсептелинет.

Жергиликтүү жамаат жарандар мүмкүн болушунча жеткиликтүү, сапаттуу кызмат көрсөтүүлөргө жете ала тургандай кылып кызмат көрсөтүүнү уюштуруп берүү ишин өзүнүн ЖӨБ органдарына ишенип берген. Ошону менен катар калк бул кызмат көрсөтүүлөр үчүн акыны жергиликтүү бюджетке түшкөн салыктар жана жыйымдар түрүндө, же кызмат көрсөтүүнү аткаруучуга акы берүү менен төлөп турат. Ошентип, бийликтин элге сапаттуу кызмат көрсөтүүнү алардын чөнтөгүнөн төлөнгөн акчага уюштуруу жөндөмдүүлүгү ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугун аныктайт.

Кызмат көрсөтүүнү уюштуруу маселелери боюнча ЖӨБ органдарынын ийгиликтүү ишинин өзөгү – экономикалык усулдарды колдонуу. Башкача айтканда, мүмкүн болгон жерде ЖӨБ органдары юридикалык жана жеке жактар үчүн жагымдуу экономикалык шарттарды түзүп берүүгө тийиш. Мындай шарттар аларды кызмат көрсөтүү менен алектенип, мындан керектүү жыйынтык алып турууга шыктандырат.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүдөгү мамлекеттик саясат кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө назарын бурууда. Айталы, 2018-2040-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасын Өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын “Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү” бөлүмүндө “кызмат көрсөтүүнүн туруктуу системасын уюштуруу бөлүгүндө жергиликтүү деңгээлде башкаруу системасын күчтөндүрүү тапшырмасы” коюлуп, “коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногун түзүү үчүн укуктук, методологиялык негиздерди түзүү” зарылчылыгы тууралуу сөз болот. Кызмат көрсөтүү системасын уюштурууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары заказчы катары чыгышат”.

Атаандаштыкты өнүктүрүүнүн эсебинен бийликтин жеке сектор менен өнөктөштүгү элдин кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгүн, анын сапатын жогорулатууга көмөкчү болот. Мындай өнөктөштүк жергиликтүү бюджеттин ашыкча чыгымдарын азайтууга, ошондой эле кызмат көрсөтүүнүн керектөөчүлөрүнүн акчасын үнөмдөөгө шарт түзөт. Жалпысынан мындай ыкма тартылган инвестициялардын, жеке секторго киргизилген инновациялардын эсебинен муниципалдык чарбаны өнүктүрүүгө жаңы дем берип, жеке сектордун ЖӨБ органдары менен өз ара байланышынын деңгээлин жогорулатат.

Тилекке каршы, Кыргыз Республикасында жаңы экономикалык ыкмалар көп деле колдонулбай келет. ЖӨБ органдары бул маселелерди өзү үчүн көбүрөөк даражада административдик жол менен чечет. Адатта алар муниципалдык ишкананы же мекемени түзө салып, муну менен кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө монополдук абалды жаратып коюшат.

Мындай абалдын түзүлүп калышынын дагы бир себеби бар. ЖӨБ органдарында ушундай ишти жеке сектор менен жасоого билими, көндүмдөрү жетишсиз болууда. Практика көрсөткөндөй, ЖӨБ органы бул багытта иш алып барууга аракет кылган күндө деле бул иш экономикалык мүнөздөгү каталар менен коштолууда. Атүгүл кээде мыйзамдар түздөн-түз бузулган учурлар да кездешет.

Төмөндө коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдарды, ошондой эле ишкердик ишмердигин жүргүзгөн жеке жактарды тартуу менен кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруунун айрым бир базалык өңүттөрүн сунуш кылабыз.

## Аутсорсингдин укуктук негизи

Элге кызмат көрсөтүүнү уюштуруу маселесинде ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарын аткарууга жеке секторду тартуунун укуктук негизин карап чыгалы.

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү, аны менен катар кызмат көрсөтүүлөр жаатындагы колдонуудагы мыйзамдарында муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Мыйзамдын алкагында уюштуруу регламенттештирилген. Бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрү жеткирген же алар түзгөн мекемелер ишке ашырган кызмат көрсөтүүлөрдүн бир кыйла чектелүү сегменти.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде көрсөтүлгөн кызматтардын олуттуу бөлүгү “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамдын 18-беренеси менен аныкталган жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмегине кирген. Бул кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу үчүн ЖӨБ органдары жооптуу, бирок критерийлер боюнча алганда “муниципалдык кызмат көрсөтүү” деген статуска дайыма эле ээ боло бербейт. Кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым түрлөрү, мисалы, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр жарандык же тармактык мыйзамдардын ченемдери менен регламенттештирилет. Ошол эле маалда жергиликтүү маанидеги

маселе – бул кызмат көрсөтүүгө караганда бир кыйла кеңири чечмеленген маселе экенин да унутпаш керек. Жергиликтүү маанидеги маселени чечүү бери дегенде өзүнө ЖӨБ органдарынын айрым функцияларын ишке ашыруу милдетин өзүнө алууну, бюджеттик милдеттенмелерди аткарууну, акыр аягында кызмат көрсөтүүнү уюштуруу процессинин өзүн да камтыйт. Кызмат көрсөтүүнү уюштуруу процесси жергиликтүү маанидеги маселени чечүү процессинин "ичинде" болуп, анын бир бөлүгүн гана түзөт деп айтсак да болот.

Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү жаатында "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзам анын курама бөлүктөрүн бөлүп карабай тургандын, жалпысынан эле бул маселелерди башкаруу процессине басым жасаганын белгилей кетүү зарыл.

Аталган Мыйзамдын 19-беренеси ЖӨБ органдарына жергиликтүү маанидеги айрым маселелерди аткарууну юридикалык жана жеке жактарга өткөрүүгө укук берет.

Бирок өзгөчө функцияларды, же атүгүл жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ЖӨБ органдарынын чыгаша милдеттенмелерин башка адамдарга өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгү шек жаратууда. Мисалы, жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча: тиричилик калдыктарын чогултуу, чыгаруу жана жок кылуу ишин уюштуруу. Тарифтик саясатты жөнгө салган ченемдик укуктук актыларды даярдоо боюнча ЖӨБ органдарынын функциясын, же кызмат көрсөтүүнүн көлөмү боюнча муниципалдык заказды түзүү боюнча функциясын башка адамдарга өткөрүп берүү мүмкүн эмес. Атүгүл бюджеттик мекемелер чыгарган катуу тиричилик калдыктарын жыйноо боюнча кызмат көрсөтүүнүн акысы боюнча ЖӨБ органдарынын чыгаша милдеттенмелерин өткөрүп берүү такыр мүмкүн эмес.

Ошондуктан жергиликтүү маанидеги маселелерди аткарууну өткөрүп берүү жаатында "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамдын ченемдерин жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн алкагында конкреттүү кызмат көрсөтүүнү аткарууну өткөрүп берүү катары кароо зарыл.

Жогорудагы Мыйзамдын 19-беренесине ылайык, жергиликтүү маанидеги маселени аткарууну башка тарапка өткөрүп берүүгө макулдукту жергиликтүү кеңеш берет. Мындай макулдук жергиликтүү кеңештин өзүнчө токтому түрүндө болушу керек. Ал эми бул токтомду кабыл алуунун тартибин "КРнын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамы жана Жергиликтүү кеңештин Регламенти аныктайт.

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 61-1-беренесинде ЖӨБ органдарына муниципалдык заказды аткарууну юридикалык жана жеке жактарга өткөрүп берүү укугу тууралуу жоболор каралган. Жогорудагы Мыйзам "муниципалдык заказ" түшүнүгүнө аныктама берген эмес. Бирок бул "жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган айрым ыйгарым укуктарды аткарууга багытталган жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн белгилүү бир көлөмү болгонун" белгилейт.

62-1-берененин 2-пункту ЖӨБ органдарына муниципалдык заказды бул үчүн тийиштүү ыйгарым укуктары бар жеке жана юридикалык жактарга аткарууга өткөрүү укугун берген.

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзам жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн алкагында кызмат көрсөтүүнү аткарууну ар кандай уюштуруучулук-укуктук формадагы юридикалык жана жеке жактарга өткөрүүгө ЖӨБ органдарына укук берген деген тыянак чыгарууга болот.

### Кызмат көрсөтүүнү жеке секторго аткарууга өткөрүп берүү чечими жүйөлүү жана максатка ылайыктуу болгонун кантип билсе болот? Эгерде жеке сектор кызмат көрсөтүүнү аткаруу процессине тартылса, жергиликтүү жамаат жана ЖӨБ органдары мындан кандай пайда табат?

Эгерде ЖӨБ органы жеке уюм үчүн иштөөгө пайдалуу шарттарды түзүп берсе, анда бул рыноктогу өз ордун сактап калуу максатында, заказчынын жеме сөздөрүн укпоо үчүн ошол уюм кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртууга умтулат.

Кызмат көрсөтүүнүн жеке аткаруучусун тандап алууда ЖӨБ органы да баасы боюнча мыкты шарттарды сунуш кылган, ошол эле маалда сапат боюнча коюлган талаптарды аткара алган уюмду тандап алууга умтулат. Бул болсо жергиликтүү бюджеттин каражаттары үнөмдөлүп калат же бул багытта такыр эле сарпталбайт дегенди билдирет.

ЖӨБ органы уюштуруу иштери жана кызмат көрсөтүүнү аткаруучунун ички маселелери менен алек болбой калат.

Эгерде кызмат көрсөтүү кыймылсыз мүлккө, техникага, жабдууга ээ болуу зарылчылыгы менен байланыштуу болсо, анда ЖӨБ органы тооруктарды даярдап жатканда кызмат көрсөтүүнү аткаруучуда ушундай мүлк болушу керек деген талапты коюуга укуктуу. Ошондо ЖӨБ органы бул мүлктү өзү сатып алууга мажбур болбойт, бул болсо жергиликтүү бюджеттин чыгымдарын олуттуу даражада кыскартууга шарт түзөт.

Кызмат көрсөтүүнүн жеке аткаруучусун коррупциялык иш-аракеттерге тартуу кыйыныраак. Себеби анын тапкан пайдасы уюмду канчалык эффективдүү башкарганына жараша болот. Бирок коррупция тобокелдиктери сактала берүүдө, өзгөчө жумуштардын көлөмүн көбөйтүп жазуу бөлүгүндө бул көрүнүш бар.

ЖӨБ органдары жеке компанияларга шаардык транспорт, суу менен жабдуу, арыктарды тазалоо өңдүү маанилүү чөйрөлөрдү, атүгүл метрополитендерди ишенип берген көрүнүштөр эл аралык практикада аз эмес.

Кыргыз Республикасында да коомдук транспорт, ичүүчү суу менен жабдуу, суу бөлүштүрүү, муниципалдык жолдорду кароо, КТК жыйноо жана тазалоо, ырасым кызматтарын көрсөтүү, маданият, спорт кызматтарын көрсөтүү ж.б. өңдүү чөйрөлөрдө муниципалдык жана жеке сектор ортосунда атаандаштык байкалууда. Бирок жалпысынан өлкө боюнча алганда бийлик органдарынын жеке сектор менен кызматташтыгынын көлөмү көп эместигин моюнга алуу зарыл.

Кызмат көрсөтүүлөрдү аткарууга жеке сектордун катышуусунун ушундай оң жактары болгону менен,

мындай кызматташууда ЖӨБ органдары туш болушу мүмкүн айрым тобокелчиликтер да бар экенин белгилей кетүү зарыл.

Кызмат көрсөтүүнү аткаруучунун реалдуу иши аны тандап алып жаткан маалда айткандарына шайкеш келбей калышы мүмкүн. Ошону менен катар кызмат көрсөтүүнү токтотууга болбой турган учурларда, мисалы, ичүүчү суу менен жабдуу, суу бөлүштүрүү, көчөлөрдү жарыктандыруу өңдүү учурларда аткаруучуну ыкчам түрдө алмаштыра коюу да татаал иш. Ал эми кызмат көрсөтүүнү жеке аткаруучунун ишинде кемчиликтерди жоюуга ыкчам түрдө таасир этүү ЖӨБ органы үчүн дайыма эле мүмкүн боло бербейт.

Эгерде кызмат көрсөтүүнүн жеке аткаруучусунун ишине талаптагыдай көзөмөл жүргүзүлбөсө, аткаруучу жумуштардын көлөмүн көбөйтүп айтып, мындан улам бийлик органдарынан субсидиялардын көлөмүн да көбөйтүүнү талап кылышы ыктымал деген тобокелчилик бар. Мисалы, жеке коомдук транспорт менен жарандарды ташуунун көлөмүн көзөмөлдөө кыйын. Ал эми жол акысына жергиликтүү бюджеттен субсидия бөлүнөт. Ошол эле маалда ЖӨБ органынын өз уюмунда деле мындай тобокелчиликтер бар.

Күтүлбөгөн окуялар болгондо, авариялык кырдаал түзүлгөндө ЖӨБ органына чукул тапшырмаларды кызмат көрсөтүүнүн жеке аткаруучусу менен кыска мөөнөттө чечүү оор болуп калат. Анткени жеке аткаруучу күтүлбөгөн жумуштар үчүн кошумча акы талап кылышы мүмкүн, же ЖӨБ органы анын башка шарттарын кабыл алууга мажбур болот.

Заказчы (ЖӨБ органы) менен пикир келишпей калган учурда кызмат көрсөтүүнүн жеке аткаруучусу келишимди бир тараптуу токтотуп, кызмат көрсөтүү процессин үзгүлтүккө учуратышы ыктымал. Бул болсо жарандардын наразычылыгын жаратат. Кызмат көрсөтүү процесси токтоп калат деген коркунучту жеке аткаруучу ЖӨБ органына таасир этчү рычаг катары колдонуп, биринчи кезекте материалдык кызыкчылыктарын канааттандыруу максатында колдонушу мүмкүн.

Кызмат көрсөтүүнүн аткаруучусу ким болот деген чечимди кабыл алып жатканда жогоруда айтылган өңүттөрдүн баарын, башкача айтканда, жеке сектордун ишиндеги оң жана терс факторлорду эсепке алуу зарыл.

Эгерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жеке сектор менен өнөктөштүккө кызыкдар болсо, анда ал бул үчүн жагымдуу шарттарды түзүп берип, жеке секторду кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө тартууга шыктандырып, ага дем бериши керек.

Жеке сектор өзүнө ишкерчиликтин коммерциялык жана коммерциялык эмес субъекттерин камтыйт. Коммерциялык уюмдардын жана жеке ишкерлердин максаты – пайда табуу. Коммерциялык эмес уюмдардын (КЭУ) максаты – алардын миссиясына дал келген уставдык тапшырмаларды аткаруу. Ошону менен бирге КЭУ уставдык тапшырмаларын аткаруу үчүн зарыл болгондо коммерциялык иш менен да алектене алышат.

ЖӨБ органы жеке секторду тартуу боюнча иш-аракеттерди пландап жатканда ушундай өзгөчөлүктөрдү эсепке алууга тийиш.

## Коммерциялык ишканалардын негизги максаты болгон пайда алуу эмнеден көз каранды?

Бул жерде жөнөкөй принцип иштейт. Рынокто атаандаштыкка жөндөмдүү боло турган продуктунун баасын азайтууга аракет кылып, аны мүмкүн болушунча көбүрөөк сатууга умтулат.

Кызмат көрсөтүү бирдигинин өз наркын азайтууга умтулуу зарыл, ал нарк чыгымдардын белгилүү бир курамынан түптөлөт. Чыгымдардын курамы боюнча чыгашаларды эсептөө кызмат көрсөтүүнүн келечектеги баасын, демек кызмат көрсөтүүнүн жеке аткаруучусунун болочоктогу кирешелерин да аныктайт. Типтүү кызмат көрсөтүүдө чыгымдардын курамын карап чыгалы:

- кызматкерлердин айлык акысы,
- Социалдык фондго чегерүүлөр,
- чийки затка жана материалдарга кеткен чыгашалар,
- күнүмдүк операциялык чыгашалар,
- капиталдык чыгашалар,
- административдик чыгашалар,
- эскилиги жеткен мүлктү калыбына келтирүү (амортизациялоо),
- рентабелдүүлүктүн деңгээли (болжолдонуп жаткан пайда),
- салыктар.

ЖӨБ органы кызмат көрсөтүүлөрдүн жеке аткаруучусун тандап алуу боюнча тооруктарды (конкурсту) даярдоо баскычында чыгымдардын курамы боюнча кызмат көрсөтүүнүн жүйөлүү наркын алдын ала эсептеп чыгышы керек. Эгерде эсеп жүйөлүү болбосо, анда жеке сектордон тартылган аткаруучу муниципалдык заказды аткарууга кызыкдар болбойт. Себеби кызмат көрсөтүүдөн түшкөн киреше ага пайда алып келмек түгүл, анын чыгашаларын да жаппай калат.

Эгерде ЖӨБ органы кызмат көрсөтүүнүн жеке аткаруучусунун туруктуу иштешине кызыкдар болсо, анда болочок өнөктөшүнө чыгымдардын курамы боюнча чыгашаларды азайтууга, муну менен ал күтүп жаткан пайданы алышына жардам берүүгө тийиш.

Ошону менен катар чыгашалар боюнча жүктү ЖӨБ органы өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында гана азайта алат. Мисалы, чыгымдардын курамына анализ жасап чыгып, ЖӨБ органы төмөнкүдөй иш-аракеттер менен өздүк наркын азайтууга таасир эте алат.

Муниципалдык мүлктү ижарага берип жатканда минималдуу акыны же нөлдүк ставканы орнотуу менен “капиталдык чыгымдар” беренеси боюнча күтүлүп жаткан чыгашаларды бир кыйла азайта алат. “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамдын 15-беренесинде “Муниципалдык менчик объекттерин пайдаланууга жана ижарага берүү, ушул Мыйзамдын 16-беренесинде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, жергиликтүү кеңештердин чечимдеринде каралгандан башка учурларда, тооруктарды өткөрүү жолу менен жүргүзүлөт” деп көрсөтүлгөн.

Башкача айтканда жергиликтүү кеңеш жамаат үчүн өтө маанилүү маселелерди чечип берүү максатында мүлктү тоорук өткөрбөстөн, ижара акысын

албастан, же ижара акысын минималдуу ставка менен өткөрүп берүү тууралуу чечим кабыл алса болот. Аны менен катар мүлккө ижара акысын амортизациялоонун нормаларынын чегинде орнотуу сунушталат. Ошондо бул каражаттарды жергиликтүү бюджеттерде топтой берүү мүмкүн болот. Бул болсо маал-маалы менен капиталдык ремонт жасап турууга, жаңы мүлктү сатып алууга шарт түзөт. Адатта бул каражатка кыймылдуу мүлк – тракторлор, атайын техника, ремонттук жабдуулар сатып алынат.

Кызмат көрсөтүү үчүн талап кылынган инфраструктураны жакшыртуу боюнча жумуштарды жергиликтүү бюджеттен каржылоо. Эрежеге ылайык, бизнес экономикалык жактан пайда табаарына көзү жетпесе, негизги каражаттарын бир жерге салуудан кооптонуп турат. Ошондуктан ЖӨБ органы өз ыйгарым укуктарынын жана мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинде ишкерден бул жүктү алып таштаганы маанилүү. Ошол эле маалда сатып алынган же курулган негизги каражаттар муниципалдык менчиктеги объекттер бойдон калат, бирок кызмат көрсөтүү боюнча жумуштарды аткаруу үчүн жеке өнөктөшкө кызмат кыла берет. Сөз имараттын, жолдордун ремонту жана курулушу, трансформаторлорду орнотуу, электр линияларын өткөрүү, ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк, суу бөлүштүрүү ж.б. тууралуу жүрүп жатат.

Көрсөтүлгөн кызматтар үчүн акынын мүмкүн болушунча көбүрөөк чогултулушун камсыз кылып берүү. Тилекке каршы, мындай бир практика түзүлдү: жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн натыйжасында пайда болгон кызмат көрсөтүү үчүн акыны эл толук көлөмдө төлөбөй коёт. Жалпысынан өлкө боюнча КТК жыйноо жана чыгаруу, ичүүчү суу менен жабдуу өңдүү кызмат көрсөтүүлөр боюнча чогултулган жыйымдар төмөн деңгээлде. Акынын негизинде билим берген курстарды, же спорттук секцияларды төлөө боюнча карыздар да болот. Эгерде кызмат көрсөтүүнүн жеке аткаруучусу ушундай көйгөйгө туш болсо, анда бул анын пландап жаткан пайданы алуу жөндөмдүүлүгүнө терс таасирин тийгизиши ыктымал. Ошондуктан ЖӨБ органдары алынган кызмат көрсөтүү үчүн акыны чогултуп берүүгө ар тараптан көмөктөшкөнү абдан маанилүү. Жеке аткаруучуну колдоо ирээтинде эл арасында таасири бар коомдук жана административдик комиссиялар иштеши керек.

## Бизнестин кызыкчылыгы

Жеке ишкерде да кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө иштөөгө кызыгуусу бар болгонун белгилей кетүү зарыл. Себеби бул чөйрө ийгиликтүү бизнестин эки негизги шартын камсыз кылып берет: (1) кызмат көрсөтүү үчүн пайдалуу баа, (2) сатуунун кепилденген көлөмү. ЖӨБ органы кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө жеке секторду тартуу ниетин билдиргенде ал кызмат көрсөтүүнүн келечектеги баасын, күтүлүп жаткан көлөмүн, кызмат көрсөтүүнүн келечектеги кардарларынын санын, мындан улам сатуудан түшөрү күтүлүп жаткан көлөмдү кошо жарыялайт. Аны менен катар кызмат көрсөтүүнү алуучулардын саны азайбайт, себеби суроо-талаптын азайышына таасирин тийгизе турган факторлор жок.

## Коммерциялык эмес уюмдарга аутсорсингге берүүнүн өзгөчөлүктөрү

Коммерциялык эмес уюмдар үчүн киреше алуу, пайда табуу да чоң мааниге ээ. Себеби бул аларга КЭУнун максатын жана миссиясын аткарууга жардам берет. Бирок бул жерде жарандардын түрдүү чөйрөлөрдөгү жашоо сапатын жакшыртууга байланышкан маселелер артыкчылыктуу бойдон кала берет. Ошондуктан ЖӨБ органы тарабынан коммерциялык уюмдар үчүн жагымдуу шарттарды түзүп берүүсү төмөнкүдөй иш-аракеттерден турат:

Жеке секторго аткарууга бериле турган кызмат көрсөтүүнүн социалдык багытын аныктап чыгуу. Мисалы, эгерде балдарды жана жаштарды англис тилине кошумча үйрөтүү боюнча кызмат көрсөтүүнүн аткаруучусу изделгенде, балдарды окутуунун эсебинен пайда табуу эмес, зиректүү балдарга жакшы билим алууга көмөк көрсөтүү бул жерде негизги жыйынтык болуп эсептелинет. Атүгүл калктын аярлуу катмарына кирген, таланттуу балдарга колдоо көрсөтүүгө негизги басым коюлушу керек. Ошентип ЖӨБ органы жарыялаган максат менен тийиштүү КЭУнун миссиясы дал келип калат. Ал эми финансылык маселелер максатка жетүүнүн бир каражаты эле болот.

Кызмат көрсөтүүнү өндүрүүгө кеткен чыгымдардын ордун толуктоону камсыздоо. Эрежеге ылайык, социалдык мүнөзгө ээ болгон кызмат көрсөтүүлөр боюнча наркын эсептөө анын өздүк наркы боюнча, рентабелдүүлүктүн (пайданын) деңгээлин бөлүп көрсөтпөстөн жүргүзүлөт. Бул кызмат көрсөтүүнүн коммерциялык эмес мүнөзгө ээ болгонун көрсөтүп турат. Бирок ошого карабастан кызмат көрсөтүүнүн туруктуулугун камсыз кылуу үчүн чыгашалар сөзсүз түрдө жабылышы керек.

Кызмат көрсөтүү үчүн кошумча каражаттарды мобилдештирүүдө КЭУга көмөк көрсөтүү. Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө КЭУнун ишинин өзгөчөлүгү – кызмат көрсөтүүгө жеткиликтүүлүктү кеңейтүү, анын сапатын жакшыртуу үчүн кошумча ресурстарды чогултууга болгон жөндөмдүүлүгү. Мындай иште КЭУ фандрайзингдин, эл аралык долбоорлорду ишке ашырууга катышуунун, мамлекеттик финансы институттарынан кошумча каражат алуунун алкагында ЖӨБ органдары менен чогуу жүргүзсө болот. Ошентип, кызмат көрсөтүүгө жергиликтүү бюджеттен кандайдыр бир көлөмдөгү каражатты бөлүп берүү менен, КЭУнун колдоосу менен кызмат көрсөтүүнүн алкагын кеңейтип, же сапатын жакшыртуу үчүн кошумча финансы каражаттарын таап алса болот.

Жогоруда айтылгандарга кошумча бир нерсени белгилей кетүү зарыл: коммерциялык уюмдар социалдык мүнөздөгү кызматтарды көрсөтүүгө тартылса болот. Бул бизнестин айрым субъекттеринин жамаат алдындагы социалдык жоопкерчилигин мүнөздөйт.

Жогоруда баяндалгандарды жыйынтыктап жатып, дагы бир нерсени белгилей кетсе болот: жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн алкагында кызмат көрсөтүүнү аткарууга жеке секторду тартуу үчүн бир топ мүмкүнчүлүктөр бар. Бул резервдерди элге мыкты кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу үчүн пайдалануу зарыл. M

# Кыргызстандын айылдарындагы жана шаарларындагы COVID-19 менен күрөштүн каармандары



Кыргызстанда өзгөчө абал режимин алып салгандан кийин пневмония жана COVID-19 менен ооругандардын саны кескин көбөйдү. COVID-19 күчөп турган маалда 12-июлда оорулуулардын рекорддук саны катталган – бул күнү 719 жаңы учур чыккан. Ал арада ата мекендик медициналык мекемелер оорулуулардын мындай санына даяр эмес болуп чыгышты. Эпидемиологиялык курч кырдаал тууралуу эл арасында жайылып жаткан маалыматтар дүрбөлөңгө салды. Бир нече адам атайын медициналык жабдуу болбогондуктан оорукананын босогосунда эле көз жумушту. Мындай кыжырды келтирген фактылар акча чогултуу боюнча демилгелерге себеп болду. Чогулган акча негизги дарыларды жана кычкылтек жабдууларын сатып алууга, ошондой эле жеке менчикти убактылуу күндүзгү стационарларга айландырууга багытталган. Коронавирустун экинчи толкунунун очогу Бишкек шаары жана Чүй облусу болгону менен, илдетти жуктургандардын саны күн сайын башка региондордо да көбөйдү.

Көптөгөн кесиптердин ээлери бүгүнкү күнгө чейин вирус менен күрөшүүгө, аярлуу катмарга кирген адамдарга кризисти жеңүүгө жардам берип жатышат. Чоң тобокелдикке карабастан өз ишин аткара берүүнү уланткан мындай кайраттуу кызматкерлердин арасында негизги кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө (суу менен жабдуу, таштанды жыйноо жана чыгаруу) иштеген кызматкерлер да бар. Алардын ролу көз жаздымында калып, бааланбай жатат. Бул пандемиянын жүрүшүндө алар өзгөчө тобокелдиктерге туш болушту – вирус жуккан материалдар менен иштөөдөн баштап, күнүмдүк кирешесин жоготуп алганга чейин. Бирок алар ишин улантып, адамдардын саламаттыгы жана алардын жеке гигиенасы үчүн өтө маанилүү кызматтарды көрсөтүүдө. Алардын ичинен көбү – аялдар.

***Макулбу РАХМАНОВА, жалгыз бой эне жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирген уюмдагы кызматкерлердин арасында саналуу аялдардын бири. Бул уюмда негизинен эркектер иштейт. 2014-жылдан бери ал “Ала-Бука Тазалык” муниципалдык ишканасында көчө шыпыргыч болуп иштеп келатат:***

“Биздин аймакта COVID-19ду жуктуруп алгандар биринчи жолу каттала баштаган учурдан тартып биз пандемия менен күрөшкөндөрдүн сап башында болдук. Биздин ишкана “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоорунун алкагында берилген атайын транспорттук каражатты колдонуп, айылда таштанды чыгаруу жана санитардык абал үчүн жооп берет. Мындан улам өзгөчө кырдаалдар боюнча райондук мамлекеттик башкармалык биздин объектке жана муниципалитеттин өрт өчүрүү бөлүмүнө кошумча дезинфекциялоочу иштерди жүргүзүүнү тапшырды. Мен жана кесиптештерим, негизинен аялдар атайын техниканы толтуруу үчүн бир тонна дезинфекциялоочу каражатты даярдап берүү үчүн жооптуу болдук. Ал эми калган эркек кесиптештерим күн сайын айылдын көчөлөрүн, инфраструктураларын жана негизги объекттерди тазалап турушту.

Биз жумушка таң атканда келип, үйгө түнгө маал кайтып жаттык. Коомдук транспорт токтотулгандыктан мен жумушума жетип алуу үчүн узак жолду жөө басып өтчүмүн. Пандемия башталган биринчи айда COVID-19дун жайылышын болтурбоого багытталган иш-аракеттер, мисалы, бизнести жабуу тууралуу чечим жана ары-бери каттоого киргизилген чектөөлөр элди дүрбөлөңгө салды. Мындай чаралардын кесепеттеринин бири – азык-түлүк дүкөндөрүндө баалар кескин кымбаттап кетти. Биз айлык албаганыбызга карабастан ишибизди уланта бердик. Себеби мындай оор күндөрү ролубуз канчалык чоң болгонун баамдап, өз салымыбызды кошуп жатканыбызга сыймыктанып турдук.

Бул пандемия бизди көп нерсеге үйрөттү. Бир жагынан биз абдан жакшы кызматташтык жана вирустун жайылышын токтотуу үчүн көп нерсени жасай

алдык. Экинчи жагынан медициналык кызматкерлер бизге маалыматтарды берип, өзүбүздү кантип коргой аларыбызды, илдетти жуктуруп албаш үчүн эмнелерди жасашыбыз керектигин түшүндүрүп беришти. Гигиенаны сактоо боюнча нускамалар ишибизде гана эмес, үйдө – үй-бүлө мүчөлөрү арасындагы биздин күнүмдүк жашообуздун бир бөлүгүнө айланды.

Биздин күч-аракеттерибиз жакшы жыйынтык берди деп эсептейм. Себеби ооруну жуктуруп алгандардын саны азайып, биздин муниципалитетте жаңы учурлар катталган жок. Эми коронавирустун экинчи толкуну башталган чакта биз аны менен буга чейинкидей эле жоопкерчиликтүү күрөшөөрүбүздү сезип турабыз".

***Мээрим ТОКТОРОВА, таштанды тазалоочу "Ак-Суу Тазалык-Техсервис МТС" муниципалдык ишканасынын кызматкери:***



"Эпидемия маалында биз ишибизди штаттык режимде уланта бердик. Күн сайын кесиптештерим болуп атайын машинеге отуруп алып, муниципалитетибиздеги бардык айылдардан таштанды чыгарып турдук. Жарандар арасында тарифтер, кызмат көрсөтүү келишимдеринин маанилүүлүгү тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, ошондой эле көрсөтүлгөн кызмат үчүн эсептерди жеткирүү да менин милдетиме кирет. Адамдарга кызмат көрсөтүүнүн шарттары, жаңы тарифтерди жана таштанды чыгаруу үчүн кандай эрежелер сакталышы керектигин көрсөткөн нускамаларды түшүндүрүп берүү оңой болгон жок.

Бул оор иш, ал эми эпидемия маалында түйшүк эселеп көбөйдү. Себеби жарандар карантин чараларынан улам обочолонууга мажбур болуп, тиричилик таштанды көбөйгөнүн байкадык. Айылдардагы, жергиликтүү оорукааналардагы жана башка муниципалдык мекемелердеги таштандынын баарын чогултуп чыгуу үчүн жумушта көбүрөөк кармалып калууга мажбур болдук. Тилекке каршы, жеке коргонуучу каражаттар – беткаптар, бир жолу кийилчү колкаптар жана жеке гигиенанын башка буюмдары тартыш болду.

Катаал карантин чараларынан улам стресс болгон адамдарга таштанды чогултуу графигин мурдагыдай эле сактап, кызмат көрсөтүү үчүн акы төлөп турушу керектигин түшүндүрүү оңой болгон жок. Кризис көп адамдардын экономикалык абалына зыян келтирди, ошондуктан адамдар көп учурда акы төлөй албай калып жатышты. Менин маянам кызмат көрсөтүү үчүн чогултулган жалпы суммадан көз каранды. Бирок пандемия маалында тарифтерди чогултуу бир кыйла азайып кеткендиктен дээрлик бардык кызматкерлер айлыгын албай калышты. Үч айдан бери акысыз иштеп жатабыз. Анын үстүнө биз гуманитардык жардам да ала албайбыз, себеби расмий түрдө ишибиз бар болчу.

Буга карабастан биз дагы көпкө чейин, пандемия бүтмөйүнчө "белди бекем бууп" жашашыбыз керектигин жакшы түшүнүп турдук. Биздин ишибиз өкмөткө вирустун жайылышын токтотууга жардам берет деп үмүттөнөбүз. Мындай оор күндөрү баарыбыз колдон келген нерсени жасай беришибиз керек деп ойлойм".

***Эльвира АЛСЕИТОВА, б"Кумбел Булагы" ичүүчү суу менен жабдуу системасынын бухгалтери***



"Акыркы үч жылдан бери ТСКАКБда бухгалтер болуп иштеп келатам, ичүүчү суу менен жабдуу кызматын көрсөтүүгө жардам берем. Эпидемия маалында кыйынчылыктарга карабастан биз кызмат көрсөтүү системабызды орнотуп, айыл тургундарынан кызмат көрсөтүү үчүн акы чогултуу ишин сактап кала алдык. Бирок пандемия жана карантин чаралары иштин көлөмүн кескин көбөйттү. Биз аптасына 7 күн иштеп, ошонун өзүндө да иштин аягы көрүнбөс болду. Мурдагыдан да көп иштегенибизге карабастан тарифтердин чогултулушу кескин түрдө түшүп кетти. Айдын соңунда эгерде ушундай финансылык кырдаалда кала берсек, биздин ТСКАКБ чыгашаларын (электр жарыгы, отун, кызматкерлердин акысы ж.б. үчүн чыгымдарды) жаба албай каларын түшүндүк.

Мындан тышкары биз муниципалдык аймакта жайгашкан конок үйлөрү жана санаторийлер төлөгөн эсептерден абдан көз каранды болчубуз. Бирок азыр алар да карантиндин айынан, андан кийин туристтик сезондун начардыгынан кирешеси жок калышты. Ушундан улам тарифтерди төлөө жөнүндө, кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн туруктуулугун камсыздоодо жашоочулардын ролу тууралуу элдин маалымдуулугун жогорулатуу боюнча өнөктүк баштадык.

Менин өтө оор иш графигим кызымдын онлайн окуусуна да туш келди, үй жумуштары да бар эмеспи. Айтор, бул чындап эле жеке мен үчүн оор күндөр болду. Бирок азыр кошуналарым ыраазычылыгын билдирген сайын жасап жаткан ишибиз үчүн сыймыктанам". М

# Көк-Жар АА COVID-19га каршы: биз башаламан абалда, бирок терең ойлонуп, тең салмактап иштегенди үйрөндүк



***Гуляим ШАМШИДИНОВА,***
ЖӨБ мыкты тажрыйбалар Порталынын администратору, myktyaimak.gov.kg

2020-жылдын март айында эпидемия башталганда эле Кыргыз Республикасынын ЖӨБ органдары COVID-19га каршы күрөштө дарыгерлер жана милиция кызматкерлери менен бир катарда иш алып барышты. Мында чоң жүк шаардык мэриялардын жана айыл өкмөттөрдүн жетекчилерине, кызматкерлерине түштү. Алар дээрлик суткалап үй бетин көрбөй иш ордунда болушту, болгон ресурсун вирустун жайылышын токтотууга жумшашты. Ош облусунун Ноокат районундагы Көк-Жар айылдык аймагынын ЖӨБ органдары да көзгө көрүнбөгөн коркунучтуу душманга каршы күрөштө алдыңкы катарда турушту. ЖӨБ органдары аймактагы 22 800 адам жашаган алты айылда коронавирустун жайылышын болтурбоо боюнча зарыл болгон кадамдарды так уюштура алышты.

Биринчи кезекте Саламаттык сактоо министрлигинин сунуштарын карманып, айыл өкмөтүнүн буйругу менен чектөө чаралары киргизилди. Мунун натыйжасында Көк-Жар айылындагы негизги борбордук базар, сегиз мектеп жана жети бала бакча карантинге убактылуу жабылды. ЖӨБ органы бизнестин өкүлдөрү арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, алар менен макулдашуу боюнча бардык тамактануучу жайлар – кафелер жана чайканалар жабылды. Азык-түлүк саткан он дүкөндүн ичинен үчөөнү гана калтырышты, анын ичинде ун саткан соода түйүндөрү ачык калды. Төрт ФАП, стационардык оорукана жана Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу күнүтүнү иштөө режимине өттү. Аймактагы алты айылдын ар биринде санитардык-карантиндик өткөрмө бекеттер орнотулуп, бул жакта жергиликтүү бийлик органынын өкүлдөрү гана эмес, ошону менен катар Өзгөчө кырдаал, Ички иштер, Саламаттык сактоо министрликтеринин өкүлдөрү да нөөмөттө турушту. Эл көп чогулган бардык иш-чараларга убактылуу тыюу салынды. Адамдар үй шартындагы жана ооруканадагы карантинге "жабылышты". Аймактын көчөлөрү ээнсиреп калды. Бирок буга карабастан жарандар обсервациянын талаптарын бекем сактады. 2020-жылдын март айынан ноябрга чейин вируску 247 адам жуктурган. Алардын ичинен 100 адам үй шартында, 147 адам стационарда дарыланып чыкты. Бүгүнкү күндө 23 адам ооруканада, 10 адам үй шартында дарыланууда.

ЖӨБ органдары өз кезегинде талап кылынган иштердин баарын аткара алды. Пандемиянын биринчи толкунунда жергиликтүү бийлик күнү-түнү, дем алышсыз иштеди. Ар бир айылда өткөрмө бекеттер орнотулуп, ал жерлерде бирден депутат, лидер же активист, медкызматкер, патрулдук милиция кызматкери кезектешип нөөмөттө турушту. Мындан тышкары Ош шаарынан Улуттук гвардиянын жоокерлери да тартылды. Калк арасында түшүндүрүү иштери күн сайын жүргүзүлүп турду. Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери айылды аралап, үн күчөткүчтөрдүн жардамы менен алдын алуу чаралары тууралуу жарыя берип турушту. Биринчи толкунга салыштырмалуу экинчи толкун маалында дүрбөлөңгө түшкөндөр болгон жок. Айыл өкмөтү жалпыга маалымдоо каражаттарын – райондук гезитти, ТВны, радиону, Интернетти мүмкүн болушунча колдонууда. "Вотсаптагы" топтор жана электрондук почта аркылуу лидерлерге, активисттерге, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилерине зарыл болгон маалыматтар туруктуу жөнөтүлүп жатты. Мындан тышкары айыл өкмөтү жасалган иштер тууралуу отчетторду айылдык кеңештин депутаттарына өз убагында тапшырып турду.

Кеңештин кезектеги сессиясында бюджетке өзгөртүүлөр киргизилди. Мунун натыйжасында ста-

ционардык ооруканынын жана ҮМТнын эки “Тез жардам” машинесин оңдоо үчүн 25 000 сом бөлүндү. Бул акчага 4 аккумулятор, сирена үчүн атайын сигнал сатып алынып, машиненин майы алмаштырылды. Ошондой эле 15 социалдык объектте дезинфекциялоо иштери жүргүзүлүп, ички жолдордун 100 км ашыгы тазаланды. Бул иштер үчүн жергиликтүү бюджеттен 141 357 сом бөлүнгөн.




Өткөрмө бекеттеринде күнү-түнү нөөмөттө тургандарга жергиликтүү тургундар ысык тамак жасап берип турушту. Жалпысынан алганда 20 адам эки ай бою ысык тамак менен камсыз болду. Жергиликтүү бюджеттен 148 600 сом “Коргонуу” бөлүмүндөгү берене аркылуу сарпталды. ЖӨБ органы менен жергиликтүү жамааттын ишинин жана тыгыз кызматташтыгынын натыйжасы катары бир фактты келтирсе болот: өтө чоң салымды карапайым адамдар кошту, алар үйүндө кезектешип тамак жасап, нөөмөттө тургандарды өз эсебинен тамактандырып жатышты. Эмгек жана акчалай салым 120000 сомду түздү.

Ошондой эле эффективдүү жана коопсуз иштөө максатында өткөрмө бекеттерде иштөөгө тартылган адамдар эпидемияга каршы атайын кийимдер, бет-каптар, коргонуучу костюмдар, колкаптар, кол аарчы, антисептикалык каражаттар (суюк самын, гель) менен камсыз болду. Жалпысынан бул максаттарга жергиликтүү бюджеттен 102 000 сом бөлүнгөн. Айыл өкмөтүнүн, дарыгерлердин жана башка түзүмдөрдүн өкүлдөрүнүн камкордугун, ишке берилгендигин көргөн кайдыгер эмес адамдар да четте карап тура алышкан жок. Алар 457 900 сомго 19 000 беткап, атайын кийимдин 101 комплектисин, 35 литр антисептик алып беришти. Жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн 60 000 сомго “Тез жардам” кызматынын үч машинеси, атайын техниканын төрт кошумча бирдиги күйүүчү май менен үзгүлтүксүз камсыздалып турду.

Ушундай оор маалда ЖӨБ органдары азык-түлүккө зар болгон калктын аярлуу катмарларына да өзгөчө көңүл бурушту. Жалпысынан 2 524 900 сомго материалдык жана азык-түлүк жардамы берилди. Анын ичинде жергиликтүү бюджеттен 101 000 сом, мамлекеттик материалдык резерв фондунан 599 кап ун, 1 052 200 сомго 267 азык-түлүк баштыгы бөлүндү; жергиликтүү демөөрчүлөр – ишкерлер 1 371 700 сомго 368 кап ун жана 18 500 кило күрүч, 233 азык-түлүк баштыгын алып беришти.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоору да чоң жардам көрсөттү. Көк-Жар айылдык аймагы бул долбоор менен 2017-жылдан бери кызматташып келатат. Гранттык макулдашуунун негизинде гуманитардык жардам катары калктын аярлуу катмарынын 275 өкүлү жалпы суммасы 330 000 сомго азык-түлүк алышты. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун кызматкерлери жана аймактын активисттери алты айылдын ар биринде чындап муктаж адамдарды аныктап чыгуу боюнча алдын ала иштерди жүргүзүштү. Гуманитардык жардамды таркатуу маалында сактык чараларын өздөрү да карманып, башкаларга да вирустан коргонуунун

ыкмаларын, аралыкты сактоо эрежелерин, беткап тагынуунун зарылдыгын айтып берип турушту.

ЖӨБ органдары менен маморгандардын координацияланган иштеринин жана биргелешкен күч-аракетинин жыйынтыгында жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн каражаттан ички иштер бөлүмүнүн 15 кызматкери үчүн 5 күн бою үч маал тамак уюштурулду. Ошондой эле алардын транспорту күйүүчү май менен камсыз болду. Бул үчүн бюджеттен 68 000 сом бөлүнгөн.

Көк-Жар айылдык аймагындагы COVID-19 менен күрөшкө 3 677 757 сом сарпталды. Анын ичинде 645 957 сом жергиликтүү бюджеттен, 1 082 200 сом республикалык бюджеттен бөлүнсө, жергиликтүү жамааттын салымы 1 949 600 сомду түздү.

**Гүлчинар МАМАТОВА, Көк-Жар АӨнүн башчысынын орун басары:** “Бардык эле адамдар үчүн бул чоң сыноо болду. Биз 12 адамды жоготуп алдык. Абал мындан да начар болмок. Бирок биздин эл эстүүлүгүн көрсөтүп, бардык карантин чараларын жана обсервация режимин катуу сактап беришти, адамдар азык-түлүк дүкөнүнө чыккан эле болбосо, бейчеки басып жүргөндөр болгон жок. Ар бир үй-бүлө жакындарынын иммунитетин бекемдөө үчүн мүмкүн болушунча күч-аракет жумшады: туура тамактанууга өтүп, витамин ичип, жер-жемиштерди жана жашылчаларды көбүрөөк жеп турушту. Мурда дене тарбия көнүгүүлөрүн жасабагандар эми аны калтырбай, дем алуу гинастикасын да өздөштүрүштү. Мында жергиликтүү бийликтин да салымы болду деп эсептеймин. Биз аймакта вирустун кеңири жайылышына жол бербөө үчүн колдон келгендин баарын жасадык. Биринчи толкундун тажрыйбасын эске алуу менен, бүгүн бир топ эле жеңил болуп калды. Анткени биз авралдык режимде иштегенди үйрөндүк, алдыга коюлган тапшырмаларды так жана өз убагында аткарып жатабыз. Эң негизгиси дүрбөлөңгө түшкөн жокпуз, баарын терең ойлонуп, салмактап жасап жатабыз”.

Ошентип, айыл өкмөтү менен жергиликтүү кеңештин депутаттарынын макулдашылган так иш-аракеттери, ошондой эле жергиликтүү жамааттын чоң жардамы менен өтө оор мезгилдерде жалпы жамаат социалдык биримдигинин чыныгы күчүн көрсөтө алды. Бул болсо эртеңки күнгө болгон ишенимди бекемдейт. Анткени ар бир муниципалитеттеги ушундай жамааттардын жардамы менен биздин өлкө азыркы заманда кандай гана коркунуч чыкпасын баарына каршы тура алат.

# Чоң-Алай АА COVID-19га каршы: жарандардан Ош үчүн картошка жана ооруканалар үчүн кычкылтек концентраторлору, ал эми айыл өкмөтүнүн коргонуу жана алдын алуу иштери

***Гуляим ШАМШИДИНОВА,***
ЖӨБ мыкты тажрыйбалар Порталынын администратору, myktyaimak.gov.kg

Чоң-Алай айылдык аймагы (Чоң-Алай району, Ош облусу) өлкөнүн эң алыскы аймактарынын бири болуп саналат. Ал Оштон 300 км аралыкта орун алган жана Тажикстандын чек арасына чейин жеткен бир чоң райондун борбору болуп эсептелинет. Бул аймакта климат шарттары катаал. Кышында абанын температурасы −30-39 °С чейин түшөт, жайында +19-22°С болот. Аймактагы жети айылда 15 897 адам жашайт (алардын 49,5% аялдар), 3 837 үй кожолугу бар. Жергиликтүү бюджет 37 миллион сомдун тегерегинде.

Өлкөдөгү эл жыш жайгашкан аймактардан алыс болгонуна карабастан COVID-19 вирусу башка муниципалитеттерде болгондой эле, бул аймактын тургундарына да бир заматта жетти. ЖӨБ органы вируска даяр турган жана биринчи кезекте айыл өкмөтүнүн буйругу менен эл көп чогулган жерлер – базар, кафелер жана ашканалар, соода түйүндөрү карантинге жабылган. Азык-түлүк дүкөндөрү гана иштеп турду. Андан соң билим берүүчү мекемелер (мектептер жана бала бакчалар) жабылып, уюмдар аралыктан иштөө режимине өтүшкөн.

Ооруканалар толуп калгандыктан, ал эми “кызыл зонада” вирусту жуктурган 30 бейтап жаткандыктан Дароот-Коргон айылындагы мурдагы мектептин имаратын ЖӨБ органы 50 орундуу обсервацияга айландырды; спорт комплексинде 100 орундуу күндүзгү стационар ачылып, биринчи толкун күчөп турган маалда күн сайын 30-50 адам дарыланып турду. Сентябрда бул стационарлар жабылган. Бирок эпидемиянын экинчи толкуну башталганда, октябрда бул стационарлар кайрадан ачылып, күн сайын 15 оорулууга жардам берип жатат. Биринчи толкунга салыштырмалуу 2020-жылдын күз мезгилинде кары-картаңдардын арасында ооругандар көбүрөөк болуп жатат. Бирок өлүм саны азайды: пандемия күчөп турган айларда, 2020-жылдын апрель айынан июль айына чейин вирус сегиз адамдын өмүрүн

алды. Ал эми азыр, күзүндө өлгөндөрдүн саны азырынча үч болуп турат. Айыл өкмөтүнүн башчысынын айтымында, COVID-19ду жуктуруп алгандардын көбү ооруканадан чыккандан кийин өнөкөт оорулардан көз жумушкан.




## COVID-19 менен күрөштү ЖӨБ органы кандай иштерди жасады?

2020-жылдын март айында эпидемиологиялык кырдаал күчөй баштаганда айыл өкмөтү жакындап келаткан биринчи толкундун негизги соккусун өзүнө алып, күнү-түнү иштөө режимине өттү. ЖӨБ органы COVID-19 менен күрөш боюнча райондук штабдын ишине жигердүү катышып турду. ЖӨБ органынын атынан бул штабга Чоң-Алай АА айыл өкмөтүнүн башчысы Тайирбек ЖАЙЧИБЕКОВ кирди. Башчы айыл өкмөтүндө 16 адамдан турган ыкчам жумушчу топту түздү. Жумушчу топко айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, айылдык кеңештин депутаттары жана ар бир айылдан жергиликтүү жамааттын лидерлери мүчө болуп киришти. Топтун төрагасы болуп айыл өкмөт башчысынын орун басары дайындалды. Жумушчу топтун ар бир мүчөсү өз ишинин багыты үчүн жооп берип турду. Жумуш аймактагы жети айылдын бардык көчөлөрүн дезинфекциялоодон башталды: узундугу 80 км көчөлөр, 20 социалдык объект, анын ичинде жети мектеп, сегиз бала бакча дезинфекцияланып чыкты. Бул үчүн жергиликтүү бюджеттен 340 000 сом сарпталды.

COVID-19дун жайылышын болтурбоо боюнча адистештирилген пункттарда күнү-түнү иштеген адамдар үчүн жергиликтүү бюджеттен 10 000 сом бөлүнүп, 700 даана атайын кийим (беткаптар, коргоочу кийимдер, колкаптар) сатып алынган. Күндүзгү стационарлардын жана обсервациянын эффективдүү иши үчүн жергиликтүү бюджеттен 32 290 сом бөлүнүп, бул каражатка электр жабдуулары (электр мештер, кабелдер, розеткалар ж.б.), эмеректер (керебеттер) сатып алынган.

Эки айылда өткөрмө бекеттер орнотулуп, бул жерде түрдүү мамлекеттик түзүмдөрдүн жана ЖӨБ органынын өкүлдөрү – санитардык-эпидемиологиялык станциянын (СЭС), Саламаттык сактоо министрлигинин, Ички иштер министрлигинин, ветеринариянын өкүлдөрү, айыл башчы эки ай бою күнү-түнү күзөттө турушту. ЖӨБ органынын жана жергиликтүү жамааттын күчү менен нөөмөттө тургандарга ысык тамак уюштурулду. Бул максаттарга жергиликтүү бюджеттен 35 000 сом бөлүнгөн. Ал эми жергиликтүү жамаат 14 000 сомго эки кой сатып берген. Бул эт ысык тамак даярдоо үчүн көпкө чейин жетти.

ЖӨБ органы аз камсыз болгон жана өтө муктаж үй-бүлөлөрдүн тизмесин кайрадан дыкаат текшерип чыкты. Жергиликтүү бюджеттен 26 үй-бүлө үчүн 111 000 сом нак берилди, мамлекеттик материалдык резерв фондунан 1930 үй-бүлө үчүн 1 264 800 сомго 795 кап ун бөлүндү. Ал эми жергиликтүү демөөрчүлөр 106 920 сомго 324 азык-түлүк баштыгын таратып беришти.

## Каржылоодогу каталар

Мындан тышкары “кызыл зонада” иштеген беш дарыгерге материалдык колдоо көрсөтүү максатында жергиликтүү бюджеттен 10 000 сом бөлүндү. Бирок бул жергиликтүү бюджеттин каражатын максатсыз колдонууга кирет. КР Бюджеттик кодексинин 44-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, бюджет аралык мамилелер мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы иш-милдеттерди жана ыйгарым укуктарды чектөөгө, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосунда кирешелерди жана чыгашаларды бөлүштүрүүгө негизделген. Ошондой эле Бюджеттик кодекстин 51-беренесинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгаша милдеттенмелери так аныкталган. Бул беренеге ылайык, саламаттык сактоо мекемелеринин кызматкерлерине айлык акы төлөп берүүгө байланышкан чыгашаларды жергиликтүү бюджеттен бөлүп берүүгө болбойт.

## ЖӨБ органдарынын жалпы кыйынчылыктары

Коронавирус менен күрөш республикалык да, жергиликтүү да бюджеттерден олуттуу чыгымды талап кылды. Бул кырдаал пандемия менен күрөш боюнча иш-чараларды ишке ашырууда ЖӨБ органдары мыйзам чыгаруучу алкактарда өтө эле чектелүү болгонун көрсөттү. Бул болсо өз кезегинде ЖӨБ органдарынын коронавирустун жайылышын болтурбоо боюнча ишинин эффективдүүлүгүнө да

таасирин тийгизди. Буга байланыштуу келечекте ЖӨБ органдарына жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларынын ичинен артыкчылыктуусун ыкчам түрдө тандап алуу, чукул тапшырмаларды аткаруу үчүн каражатты мобилдештирүү, COVID-19дун кесепеттерин жумшартуу өңдүү мүмкүнчүлүктөрдү мыйзамдар менен бекитип берүү маселеси турат. Ыйгарым укуктарды бөлүштүрүп, мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча анык жана чукул зарылчылык чыкты. Мунун негизинде ЖӨБ органдары ушул өңдүү муктаждыктарга өз бюджетинен каражатты чукул арада бөлүп бере алышмак.

ЖӨБ органы райондук Өнүгүү фондуна кайрылууну чоң жетишкендик катары эсептейт. Аталган фонддон 2 500 000 сом көлөмүндө грант бөлүнгөн. Бул акчага 2020-жылдын август айында райондук оорукана үчүн портативдик мобилдүү функционалдык рентген-аппарат, аны менен кошо санарип жалпак панелдүү детектор сатып алынган. Бул жабдуулар эпидемиологиялык кырдаал маалында жалпы аймак үчүн эң актуалдуу болгон көйгөйдү чечип берди. Мурда адамдар рентгенге түшүү үчүн күн сайын Ош шаарына барууга мажбур болушчу. Бул үчүн жолго эле үч күндүк убакыт, жол акысына жана жашаган жерине 3-4 миң сом кетип калчу. Эми болсо үч муниципалитеттин тургундары жергиликтүү рентгендин кызматын колдонуп жатат. Муну менен акчасын да, убактысын да үнөмдөп, рентгенографиялык изилдөөнүн жыйынтыктарын күн сайын 10-15 адам алууда. ЖӨБ органынын чечими менен детектору бар рентген-аппараты муниципалдык менчик катары айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүлдү.

COVID-19 менен күрөшкө ишкерлер, карапайым адамдар чоң салым кошту. Жергиликтүү жамаат 1 200 000 сомго ооруканага 40 кычкылтек концентраторун сатып беришти. Чоң-Алай айылдык аймагынын жалпы жамааты ынтымактуу жана кайдыгер эместигин далилдей алды. Ошол оор күндөрү аймактын жашоочулары башка муниципалитетке жардам берүүнү чечти. Бул үчүн дээрлик ар бир үй-бүлөдөн жалпы суммасы 480 000 сомду түзгөн 40 тонна картошка топтолуп, Ош шаарынын элине жеткирилип берилди.

Чоң-Алай ААда COVID-19 менен күрөшкө жалпысынан 6 223 834 сом сарпталды. Анын ичинен 672 050 сом жергиликтүү бюджеттен, 1 264 864 сом республикалык бюджеттен бөлүнгөн. Райондук Өнүгүү фондунун салымы 2 500 000 сомду, жергиликтүү жамааттын салымы 1 786 920 сомду түздү.

**Тайирбек ЖАЙЧИБЕКОВ, Чоң-Алай айылдык аймагынын айыл өкмөт башчысы:** "Биз биринчи жолу мындай катаал көйгөйдү башыбыздан өткөрдүк. Башында бир аз апкаарып калдык. Бирок эл менен, маморгандар менен биригип, кырдаалды өз колубузга алдык. Райондук деңгээлде штаб түзүлүп, ал жалпы райондун аймагындагы ишти уюштурду. Биздин муниципалитетте жумушчу топ түзүлүп, анын мүчөлөрү өз тилкелеринде эл менен тыгыз байланышта күнү-түнү иштеп, жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдарын байланыштырып турган чынжыр болушту. Алар кырдаалды жакшы



көзөмөлдөп, COVID-19дун жайылышына бут тосуу боюнча ыкчам чечимдерди кабыл алуу үчүн мүмкүн болушунча күч-аракетин жумшашты. Элдин коркунучтуу балээге каршы бириге алганы чоң жетишкендик. Кайдыгер карап турган бир да адам болгон жок. Ар бир адам өз салымын кошкусу келди. Дээрлик ар бир үй-бүлөдөн өзүнүн айылдаштарына гана эмес, алыстагы Оштун тургундарына да жардам барды. Мен боорукердиги жана оптимизм үчүн, ынтымактуулук жана патриоттуулук үчүн, эч ким чөгүп отуруп калбай, чыйрала түшкөнү үчүн элиме ыраазычылыгымды билдирем. Мындай ресурс менен биз аймактагы бардык маселени чече алабыз деген ишенничтемин".

ЖӨБ органынын, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү жамааттын тыгыз кызматташтыгынын натыйжасында чоңалайлыктар учурдун кооптуу чакырыгына каршы туруп беришти. Жергиликтүү бийликтин жана кайдыгер эмес жашоочулардын жолго коюлган, так ишинин алдында вирус бир аз убакытка болсо да чегинди. Бүгүнкү күндө, 2020-жылдын күз мезгилинде COVID-19 кайрадан күч ала баштады. Бирок жергиликтүү бийлик мамлекеттик түзүмдөр менен кошо оор кырдаалга даяр турушат. Себеби аларда жамааттык ынтымактуу иш тажрыйбасы бар. Айыл өкмөтүнүн кызматкерлерин чыныгы каармандар деп атаса болот. Алар күрөштүн алдыңкы катарында биринчилерден болуп тургандыктан, өзүнүн гана эмес, жакындарынын жана туугандарынын да өмүрү тобокелдикте эле. Анткени алардын ар бири вирусту ар кандай учурда жана шарттарда жуктуруп алмак. Ал эми бул болсо алар үчүн да, үй-бүлөлөрү үчүн да чоң коркунучту жаратат.

Жергиликтүү жамааттын да салымын өзгөчө белгилей кетүү зарыл. Жергиликтүү жамаат кычкылтек концентраторлорун сатып алууга, ысык тамак уюштурууга, башка муниципалитетке гуманитардык жардам жиберүүгө өз чөнтөгүнөн акча чыгарып берди. Ошол эле маалда Чоң-Алайдын климаты катаал болгонун, айыл чарбасын өнүктүрүүдө кыйынчылыктар бар экенин унутпаш керек.

Чоңалайлыктардын, Кыргызстандын башка айылдык жана шаардык муниципалитеттеринин мисалы бир нерсени көрсөттү: ушундай оор мезгилде адамдар бириге калып, кооптуу абалга жана жеке кыйынчылыктарына карабастан чын дилинен бирибирине жардам берүүгө даяр экен.

# ЖӨБ Союзу COVID-19дун жайылышына байланыштуу жарандардын жана ЖӨБ органдарынын суроолоруна жооп берет

***COVID-19 эпидемиясы менен күрөштө дарыгерлер жана милиция кызматкерлери менен кошо алдыңкы катарда ЖӨБ органдары да болду. Алар көп учурда кырдаалды көзөмөлдөп, илдеттин андан ары жайылышына жол бербөө боюнча чараларды көрүштү. Башкалардай эле муниципалдык кызматчылар да бул тапшырманы аткарууга даяр эмес болчу. Көп нерсени жеринде жөнгө салып, "нөлдөн" баштоого туура келди. ЖӨБ Союзу[1] ЖӨБ органдары кырдаалды кантип жөнгө салып жатканына, кандай кыйынчылыктарга туш болуп, кандай чараларды көрүп жатканына туруктуу мониторинг жүргүзүп келатат. Бирок мониторингдин максаты – кырдаалдан чыгуу үчүн жардам берип гана тим болбостон, ошону менен бирге ЖӨБ органдарына эң татаал суроолорго жооп табууга жардам берүү.***

[1] Жумуштар "COVID-19 маалында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, аткаруу бийлигинин аймактык жана борбордук органдары жана жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү ортосундагы маалыматтык-укуктук өз ара байланышты жакшыртуунун" жана "Кыргыз Республикасындагы FHI 360 филиалы" менен КР ЖӨБ Союзу ортосунда түзүлгөн Макулдашуунун алкагында жүрүп жатат. Бул иштерди USAIDдин "Жигердүү жарандар" Долбоору каржылайт.

## ЖӨБ органдары жарандык коргонуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашып, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча иштерди өз алдынча жүргүзө алышабы?

"Жарандык коргонуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, ЖӨБ органдары КР калкын, материалдык жана маданий баалуулуктары менен аймактарын тынчтык жана согуш мезгилинде өзгөчө кырдаалдардан коргонууга даярдоо боюнча жана коргонуу боюнча мамлекеттик жалпы иш-чаралар тутумунда милдеттери бар (айрым ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдары өз алдынча аткарат, айрым ыйгарым укуктарды жарандык коргонуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашып алууга тийиш):

1) Жарандык коргонуу боюнча комиссияларды түзөт жана алардын ишин координациялайт;

2) Жарандык коргонууну уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жооптуу кызматкерлерди дайындайт;

3) өз компетенцияларынын чектеринде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Жарандык коргонуу жаатындагы чечимдерди кабыл алат;

4) Жарандык коргонуу пландарын иштеп чыгат жана ишке ашырат, аларды Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашат;

5) ведомствого караштуу аймакта кырсыктардын тобокелдиктерин божомолдоо, баалоо жана өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу боюнча иш-чараларды жүргүзөт;

6) кооптуу жаратылыш процесстер зонасында жер участокторунун бөлүп берилишинин алдын алуу максатында турак үйлөрдү, административдик жана өндүрүштүк имараттарды жана курулмаларды курууга жер участокторун бөлүп берүү жөнүндө чечимдерди Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен

макулдашат;

7) Жарандык коргонууну жүргүзүү үчүн зарыл күчтөрдү жана каражаттарды даярдоону жана даярдыкта кармоону жүзөгө ашырат;

8) Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен өз ара аракетте калкка өзгөчө кырдаалдарда коргоо жана аракеттенүү ыкмаларын маалымдоону жана үйрөтүүнү жүзөгө ашырат;

9) өзгөчө кырдаалдар коркунучунда жана ал келип чыкканда эвакуациялоо иш-чараларын жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алат жана алардын аткарылышын уюштурат;

10) калкты түпкүлүгү кооптуу участоктордон көчүрүү боюнча комплекстүү чараларды күн мурунтан көрөт;

11) өзгөчө кырдаалдардын келип чыгуу коркунучу жөнүндө же келип чыгышы жөнүндө калкка өз убагында кабарлоону Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен биргеликте камсыз кылат;

12) ведомствого караштуу объекттерде жана аймактарда келип чыккан өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча чараларды көрөт;

13) Жарандык коргонуу боюнча иш-чараларды жүргүзүүгө финансылык каражаттарды жергиликтүү бюджетте караштырат жана бөлүп берет;

14) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чектеринде Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жазма буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн аткарууну камсыз кылат.

## Өзгөчө кырдаал маалында өзгөчө кырдаалдын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу үчүн зарыл болгон товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алуунун жөнөкөйлөштүрүлгөн тартиби барбы?

Ооба, бар, бирок Мамлекеттик сатып алуулар порталы аркылуу ишке ашырылат. “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР Мыйзамынын 21-беренесинин 4-бөлүгүнүн 6-пункту өзгөчө кырдаал режими күчүндө болгон маалда ЖӨБ органдарына түздөн-түз келишим түзүү усулу аркылуу сатып алууларды өз алдынча жүргүзүүгө укук берет. Бул беренеге ылайык, өзгөчө кырдаалдын алдын алуу жана (же) өзгөчө кырдаалдын, өзгөчө абалдын кесепеттерин жоюуда, токтоосуз калыбына келтирүүнү талап кылган форс-мажордук жагдайлардын, авариянын кесепеттерин локалдаштыруу үчүн, ошондой эле тез медициналык кийлигишүү зарыл болгон учурда товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга болот. Бирок түздөн-түз келишим түзүү баары бир Мамлекеттик сатып алуулар порталы аркылуу жүзөгө ашырыла тургаанын эсепке алуу зарыл.

## КР мыйзамдары өзгөчө кырдаал шарттарында жергиликтүү кеңештердин сессияларын онлайн форматта өткөрүүгө уруксат береби?

Мыйзамдарда бул маселе боюнча эч нерсе айтылган эмес. Мындан улам конкреттүү жергиликтүү кеңештин регламентинде бул формат каралса, жергиликтүү кеңештердин сессияларын онлайн форматта өткөрүүгө тыюу салынган эмес. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 28-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, жергиликтүү кеңештердин сессиялары алардын ишинин негизги уюштуруучулук-укуктук формасы болуп эсептелет. Сессияларды өткөрүүнүн тартиби жана мезгилдүүлүгү жергиликтүү кеңештин регламенти менен аныкталат. Буга жараша жергиликтүү кеңештин онлайн форматтагы сессиясын уюштуруунун, өткөрүүнүн, жыйынтыгын эсепке алуунун жол-жоболору регламентте толук сүрөттөлүшү керек. Жергиликтүү кеңештердин регламенттерин даярдап жатканда КР ЖӨБ органдары ЖӨБЭММА бекиткен Жергиликтүү кеңештин Типтүү регламентине таянышат. Бирок анда да жергиликтүү кеңештин сессиясын (кезексиз) онлайн форматта өткөрүү мүмкүнчүлүктөрү тууралуу айтылган эмес. Ошондуктан ЖӨБ органы кеңештердин иш тартибине карата мыйзамдарда коюлган бардык талаптарды эсепке алуу менен сессияны онлайн форматта өткөрүүнүн тартибин өз алдынча иштеп чыгышы керек, же Жергиликтүү кеңештин Типтүү регламентине түзөтүүлөр киргизилишин күтүшү керек, бул түзөтүүлөрдө өзгөчө кырдаал шартында жергиликтүү кеңештин иш тартиби (ишинин формасы) баяндалат .

# Швейцария Өкмөтү тарабынан Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташуу Агенттиги (SDC) каржылаган “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” жана “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорлорунун жаңылыктары



## Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы элеттик муниципалитеттер жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн алкагында кызмат көрсөтүү секторду тартуунун ыкмаларын үйрөнүп жатышат

ЖДККЖ Долбоору Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын бардык элеттик муниципалитеттери үчүн жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурууга жана ишке ашырууга жеке секторду тартуу боюнча бир катар семинарларды өткөрдү.

Жалпы жонунан беш семинарга (Жалал-Абадда, Ала-Букада, Токтогулда, Балыкчыда жана Караколдо) Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы элеттик муниципалитеттердин 108 башчысы жана кызматкерлери катышты, алардын ичинде 13 аял бар.

Жеке секторду кызмат көрсөтүүгө тартуу менен жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын азайтууга болот, ЖӨБ органы уюштуруу иштери жана кызмат көрсөтүүнү аткаруучунун ички маселелери менен алек болбой калат, негизги каражаттарды сатып алууга, аны күтүүгө зарылчылык жаралбайт.

Семинарларда жеке сектор менен КТК жыйноо жана чыгаруу, маданият жана бош убакытты өткөрүү чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөр, коомдук аймактарды жарыктандыруу жана көрктөндүрүү өңдүү багыттар боюнча кызматташтыктын реалдуу мисалдары каралды.

Семинардын соңунда Ак-Суу районундагы Бөрү-Баш АА башчысы Урмат ШАРШЕЕВ буларды белгиледи: “Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн жеке сектор менен кызматташтыкты колдойм. Анткени ушундай ыкма кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртып, коррупциянын деңгээлин азайта алат”.

Семинардын жыйынтыктары боюнча ЖДККЖ Долбоору тийиштүү онлайн курсту ачып, ар бир облуста кызмат көрсөтүүгө жеке секторду тартуунун бери дегенде бир ийгиликтүү мисалын сүрөттөп берүүнү пландап жатат. Бул тажрыйбалар келечекте Мыкты практикалар порталына жайгаштырылмакчы. Мунун натыйжасында башка ЖӨБ органдары ошол тажрыйбаны өз муниципалитеттеринде да колдоно алышат.

COVID-19дун мындан ары да жайылышын болтурбай, тобокелчиликтерди азайтуу максатында семинарлар максаттуу облустардын түрдүү райондорунун өкүлдөрү үчүн өз-өзүнчө өткөрүлүп жатат. Семинарларда бардык санитардык-гигиеналык талаптар сакталып, аз сандагы адамдардын катышуусу менен өтүп жатат. Бардык катышуучулар медициналык беткаптар, антисептиктер менен камсыздалып, социалдык аралыкты сакташууда. M




# Талас жана Баткен облустарынын ЖӨБ органдары Жарандык бюджетти онлайн даярдоонун окуусун аралыктан үйрөнүштү

Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына ылайык, ЖӨБдүн аткаруу органдары жергиликтүү бюджеттер боюнча жарандык бюджеттерди түзүүгө милдеттүү. Жарандык бюджет жарандарга, анын ичинде атайын билими болбогон адамдарга жергиликтүү бюджет тууралуу маалыматты жеткиликтүү, жөнөкөй жана түшүнүктүү түрүндө алууга мүмкүнчүлүк берет. ЖӨБдүн аткаруу органдарынын финансы кызматкерлеринин ишин жеңилдетип, жарандык бюджетти түзүүнүн бирдиктүү форматын жайылтуу максатында web-тиркеме (мындан ары – Тиркеме) иштелип чыккан. Бул Тиркеме Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 126-беренесине ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 2017-жылдын 26-декабрында №166-Б Буйругу менен бекиткен Жергиликтүү бюджеттер боюнча жарандык бюджетти түзүүнүн методикасына ылайык даярдалган. Тиркеме ЖӨБдүн аткаруу органдарынын финансы кызматкерлерине өз муниципалитеттеринин жарандык бюджетин бюджеттик мыйзамдардын талаптарын эсепке алуу менен түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ал эми элде жергиликтүү бюджет тууралуу маалыматты Интернет тарткан бардык жерден алууга мүмкүнчүлүк болот.

“23-ноябрдан 27-ноябрга чейинки мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Окуу борборунун базасында Баткен жана Талас облустарынын мэрияларынын жана айыл өкмөттөрүнүн финансы кызматкерлери үчүн бул тиркемени колдонуу боюнча онлайн-тренингдер өткөрүлдү. Иш-чара ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен биргеликте уюштурулду. Тренингдин практикалык бөлүгүндө web-тиркемеге зарыл болгон маалыматтар киргизилди. Ошондон кийин жашоочуларда өзүнүн айылдык аймагынын же шаарынын жарандык бюджети менен http://gb.minfin.kg сайтынан таанышууга мүмкүнчүлүк пайда болду”, - деп айтып берди тренер, ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун адиси Азамат МАМЫТОВ.

Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин райондук башкармалыктарынын жетекчилери да катышууда. Тренингдин соңунда алардын катышуусу менен маалыматтарды киргизүү графиги түзүлөт. Бул болсо Кыргызстандын жарандарынын көбү өз муниципалитеттеринин Жарандык бюджеттерин көрө алышат деген шансты көбөйтүүдө.

***“Бул web-тиркеме пандемия шартында бюджетти талкуулоо үчүн абдан ыңгайлуу болуп турат. Эпидемиологиялык кырдаалды, жарандар күнүмдүк тиричилик менен убара болуп жүргөнүн, негизи эле элдин жалпы психологиялык маанайын эсепке алганда бюджетти жолугушуп талкуулоо оңой болбой калды. Ошондой эле бюджеттик каражат тартыш болуп турган маалда аларды үнөмдөө зарыл. Муну менен кошо Жарандык бюджетти басып чыгарууга кеткен чыгымдарды да кыскартса болот. Жакынкы келечекте санариптештирүүнүн алкагында калк менен Интернет аркылуу аралыктан байланыш түзүү салтын жаратууга кызыкдарбыз. Мунун баарына Жарандык бюджетти онлайн киргизүү көмөктөшөт”,*** - деп эсептейт Кочкор айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Райкан КОЧКОРОВА.

# Аялдар жана жаштар үчүн жергиликтүү кеңештин болочок депутатынын мектебине өтүнмөлөр кабыл алынууда

2016-жылдагы шайлоодон кийин жергиликтүү кеңештердин курамы бир кыйла өзгөрүп, күчөдү. Жарандардын баамында, айыл өкмөтүнө караганда жергиликтүү кеңештер элдин ишенимине көп кирген эмес жана мындан улам ишеним рейтингинде жетинчи орунду ээлешет. Себеби жарандар жергиликтүү кеңештердин депутаттары тууралуу жогору пикирде болгондуктан, ошого жараша депутаттардын квалификациясы, анын ичинде билими да жогору болушу керек деп эсептешет .

Жергиликтүү кеңештердин азыркы курамында жаштар көбүрөөк болуп калды. Бирок жергиликтүү кеңештердин сапаттык курамын алганда гендердик теңсиздик байкалат. Айталы, өткөн чакырылышка салыштырмалуу жалпысынан Кыргыз Республикасы боюнча 2016-жылы айылдык жергиликтүү кеңештерде аялдардын саны 2 пайызга азайып, депутаттардын жалпы санынан 13 пайызды түзгөн. Шаардык кеңештердин курамында да аялдардын үлүшү азайып кетти – 24,6 пайыздан 20,5 пайызга түштү. Жергиликтүү кеңештердеги гендердик теңсиздик аялдар үчүн 30 пайыздык квоталарды киргизүүгө себепчи болду. Бул ченем мыйзамдарга 2019-жылы киргизилген.

Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусун күчөтүү үчүн жергиликтүү кеңеш жакшы көпүрө болуп бере алат. Аярлуу топтордун кызыкчылыктарын коргоо үчүн жергиликтүү кеңештердин курамында аялдар менен жаштардын болгону өтө маанилүү. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун изилдөөлөрү жана тажрыйбасы көрсөткөндөй, аялдардын жергиликтүү шайлоого катышуу көрсөткүчүнүн төмөн болушунун бир нече себеби бар: аялдар өз күчүнө ишенишпейт (өзүнө берген баасы өтө төмөн), жамаат аларды уяткарат деп коркушат, өз билимине болгон ишеними аз. Жаштарда болсо такыр башка көйгөйлөр бар – алар кеңешке барууга даяр, бирок депутаттын иш-милдеттерин сапаттуу аткаруу үчүн атүгүл баштапкы билими да жетпей калууда. Мунун натыйжасында жергиликтүү кеңештердеги жаштардын бөлүгү же деструктивдүү күчкө айланууда, же улуу депутаттар аларды өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланып кетүүдө.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын билими жетишсиз болгонунун натыйжасында ЖӨБ органдарынын ишинде өтө көп кыйынчылыктар бар экенин КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу да тастыктайт. ЖӨБ Союзу жаңы чакырылыштагы жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин сапаттык курамын жогорулатууга кызыкдар. Союз шайлоо мыйзамдардын талабына ылайык, анын ичинде гендердик теңдик талаптарын сактоо менен өткөрүлүшүн каалайт.

Бул маселени чечүү үчүн ЭҮЖӨБОЖ Долбоору 2020-жылы Аялдар жана жаштар үчүн жергиликтүү кеңештин болочок депутатынын мектебин уюшту-



рууда. Мектепти уюштурууда Долбоордун негизги өнөктөшү – КР ЖӨБ Союзу. Мектептин аянтчасы – Кыргыз Республикасынын ЖӨБ органдарынын Мыкты практикалар порталы.

Мектептин максаты – жигердүү аялдардын, анын ичинде кыз-келиндердин элеттик муниципалитеттердеги жергиликтүү кеңештерде өз потенциалын ишке ашыруусу үчүн жакшы шарттарды түзүп берүү.

Кыргыз Республикасынын жараны болгон жана айылдарда жашаган 20-30 аял (28 жаштан жогору курактагылар) жана 10-20 келин (28 жашка толо электер) мектептин катышуучусу боло алышат.

Мектептин бардык материалдары мамлекеттик жана расмий (кыргыз жана орус) тилдерде даярдалат. Сабактарды, консультацияларды жана коммуникациялык байланыштарды эки тилдүү тренерлер өткөрөт.

Мектепте окуу бир нече багытта өтөт. Анын ичинде:

- өзүнө болгон ишенимди жогорулатуу жана лидердик сапаттарды өнүктүрүү (жеке жана психологиялык көндүмдөр);
- шайлоо процесси (жарандан талапкерге чейинки, талапкерден депутаттыкка чейинки процесс);
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жарандын мүмкүнчүлүктөрү;
- жергиликтүү кеңештин депутатынын билими жана көндүмдөрү, анын ичинде бюджеттик процесске жана гендерге сезимтал бюджетти түзүү боюнча окуулар;
- аярлуу топтун маселелерин чечүүгө жана адам укуктарын коргоого багытталган шайлоо алдындагы өзүнүн программасын даярдоо үчүн практикум.

Адам укуктарын коргоо, тең салмактуу өнүгүү, анын ичинде аярлуу топторду өнүктүрүү маселелерине байланышкан кырдаалда аялдар жана жаштар жергиликтүү жамаатка кандай таасир тийгизгенин баяндап берген мисалдар да окууга кошулат.

Катышуучулар жергиликтүү кеңештердин азыр иштеп жаткан ийгиликтүү депутаттарынын таржымалы менен таанышып чыгышат. Бул депутаттар өз тажрыйбасы менен бөлүшүп, ишинде эмнелер шыктандырарын, депутаттыкка аттанганда кандай тоскоолдуктар болгонун, депутат болуп, комиссияны, атүгүл бюджет боюнча комиссияны жетектөө иш жүзүндө кандай болгонун айтып беришет.

Практикумдун алкагында катышуучулар шайлоо алдындагы программаны даярдоо, жергиликтүү кеңешке депутаттыкка талапкер катары шайлоого катышуу боюнча өз ишин пландап алышат.

Мектепти бүтүрүп, үйүнө кайтып келгенден кийин катышуучулар жамаат муктаждыктарын аныктоо усулдарын колдонуп, максаттуу топ эмнелерди күтүп жатканын, айылдын көйгөйлөрүн аныктайт. Ошондой эле катышуучу шайлоо программасына кошкусу келген чараларды максаттуу топ менен талкуулап алышы керек. Мындан тышкары бул мезгилде катышуучулар шайлоо процесси маалында жардам бере турган колдоо топторун түзүшү керек. Катышуучулар Мектептин алкагында иштелип чыккан план боюнча иш алып барышат. Белгилүү бир этаптарда планга жараша алар ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун насаатчыларынан консультация алып турушат. Буга кошумча насаатчылар талапкер катары каттоо, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер катары иш-аракеттер боюнча консультацияларды өткөрүшөт.

Долбоор шайлоо күнү да МЕКТЕПтин катышуучулары менен туруктуу байланышты кармап турат. Ошондой эле шайлоо күнү туруктуу тажрыйба жана пикир алышуу болуп, мунун натыйжасында Мектептин өкүлдөрү, тажрыйбасы көбүрөөк, ийгиликтүү катышуучулар кеңешке муктаж болгон талапкерлерге жардам беришет. Мындай маалымат алмашуу, моралдык колдоо жана жардам кеңири колдонулган, заманбап компьютердик технологиялардын базасында уюштурулат. Мектептин катышуучулары жергиликтүү кеңештердин депутаттары катары түрдүү чөйрөдө иштеген өз кесиптештеринин тажрыйбасы менен таанышуу үчүн Мыкты практикалар порталына кире алышат. Ошондой эле Мектептин катышуучуларына “Мен – жергиликтүү кеңештин депутатымын” аттуу китеп берилет. Анда практик депутаттардын эң актуалдуу суроолоруна 100дөн ашык жооптор камтылган. Депутаттар бул китепти айылдын маанилүү көйгөйлөрүн чечүү үчүн өз ишинде, жергиликтүү кеңештин депутаттары менен кызматташууда колдоно алышат.

Долбоор жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу маселелери боюнча МЕКТЕПтин бардык катышуучулары үчүн окууларды (онлайн семинарларды) пландап жатат. Мында жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүн пландоодо аялдардын, аярлуу топтордун муктаждыктарын жана керектөөлөрүн эсепке алууга негизги көңүл бурулат. Семинарда жергиликтүү деңгээлде пландоонун алгачкы баскычтарында эле бул топтордун керектөөлөрүнүн эсепке алынышы да маанилүү темалардын бири болот.

Жергиликтүү кеңешке шайланган, Мектептин катышуучусу болгон депутаттар семинардын соңунда өз муниципалитетинде бюджеттик процессте гендердик теңдикти камсыз кылуу үчүн иш-аракеттер планын даярдай алышат. Калган катышуучулар да гендердик теңдик эсепке алынган бюджетти кантип түзүш керек, практикада муну камсыз кылуу үчүн ЖӨБ органдары кандай иштерди жасашы керек – мына ушул багыттагы билимге ээ болушат. Ошондой эле бюджеттик каражатты бөлүштүрүп жатканда аялдардын жана аярлуу топтордун керектөөлөрү эсепке алынышы үчүн ЖӨБ органдары менен диалог түзүү боюнча өз пландарын даярдап алышат.

Долбоор Мектептин бардык катышуучуларынын консультанттар, ментор-тренерлер менен байланышын камсыз кылат. Ошондой эле жергиликтүү кеңештерге шайланган Мектептин катышуучуларына презентацияларды даярдоо боюнча кошумча консультацияларды берет.

Мектептин жыйынтыгы боюнча анын бүтүрүүчүлөрүнүн бери дегенде 20 пайызы жергиликтүү кеңештин депутаты болот деп күтүлүүдө. Калган 80 пайызы да жергиликтүү жамааттарда элдин күчүн бириктире алган жөндөмгө ээ болушат. Депутат болбосо да, алар бюджетти түзүү боюнча коомдук угууларга даярданууда жана катышууда же ниети окшош башка депутаттар менен, же өз алдынча жергиликтүү кеңеш менен иш алып барышат.